


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР ҮЧҮН ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУ БААЛОО:

## ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

УДК

ББК

П

ISBN

Бул изилдөө Европа Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) Бишкектеги программалык кеңсеси жана Кыргызстандагы Фридрих Эберт фондунун каржылык колдоосу менен көз карандысыз эксперттер Аида Курбанова жана Чолпон Акматова тарабынан жүргүзүлгөн. Отчетто камтылган маалыматтар, тыянактар жана сунуштар 2025-жылдын 24-июнунда Бишкек шаарында өткөн жыйынтыктоочу тегерек үстөл учурунда 63 өкүлдүн — мамлекеттик органдардан, эл аралык жана бейөкмөт уюмдардан, ошондой эле кризистик борборлордон келген катышуучулардын катышуусу менен такталып толукталган.

Отчетто камтылган бардык пикирлер, маалыматтар, түшүндүрмөлөр жана жыйынтыктар көз карандысыз эксперттерге таандык болуп, ЕККУнун, анын мүчө мамлекеттеринин, Фридрих Эберт фондунун, ошондой эле отчетто аталган мамлекеттик же башка уюмдардын расмий көз карашын чагылдырбайт.

ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсеси жана Фридрих Эберт фонду бул отчетто берилген маалыматтарга байланыштуу келип чыгуучу ар кандай жоготуулар же зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Фридрих Эберт фондунун бардык басылмаларын коммерциялык максатта колдонууга Фонддун жазуу жүзүндөгү уруксатысыз жол берилбейт.

ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги программалык кеңсеси

Friedrich Ebert Stiftung

# МАЗМУНУ

I. КИРИШҮҮ ........ 5

II. БААЛОО МЕТОДОЛОГИЯСЫ ........ 6

III. КЫСКАЧА МАЗМУНУ ........ 7

IV. ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР ҮЧҮН ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫ: аныктама ........ 15

V. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР ........ 15

VI. НЕГИЗГИ БАЙКООЛОР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР ........ 17

VII. СУНУШТАР ........ 28

ТИРКЕМЕЛЕР ........ 31

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 37

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **КБА** | Кыргызстандын кризистик борборлор ассоциациясы |
| **МСЗ** | Мамлекеттик социалдык заказ |
| **КР ЖАМК** | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **ЖК** | Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет |
| **КР** | Кыргыз Республикасы / Кыргызстан |
| **КР ИИМ** | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| **КР ЭСКММ** | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги |
| **ЖӨБ** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| **КР ЮМ** | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги |
| **КЭУ** | Коммерциялык эмес уюм |
| **ЧУА** | Ченемдик укуктук акт |
| **ЖКУ** | Жарандык коом уюмдары |
| **КБ** | Коомдук бирикме |
| **БУУ** | Бириккен Улуттар Уюму |
| **ЖӨБ органдары** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары / муниципалитеттер |
| **РМА** | Райондук мамлекеттик администрация |
| **ЖАК** | Жаза аткаруу кызматы |
| **КР КЖК** | Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси |
| **ФЭФ** | Фридрих Эберт фонду |
| **ТӨМ** | Туруктуу өнүгүү максаттары |
| **АКБЖ/ CEDAW** | Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция |


# I. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулук адам укуктарын жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы эң курч көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Бул көрүнүш кайталанып туруучу мүнөзгө ээ болуп, көп учурда муундан муунга өтүп жүргөн салттуу гендердик стереотиптер менен күчөйт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын көпчүлүгүн 18–34 жаштагы жаш аялдар түзөт. Аялдарга карата зомбулук ар кандай формада (физикалык, сексуалдык, психологиялык, экономикалык зомбулук) болгон адам укуктарын бузуунун эң кеңири тараган түрлөрүнүн бири болуп саналат.

Гендердик негиздеги, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун расмий катталган учурлары тынчсыздандырган деңгээлде өсүүдө. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2024-жылдагы статистикасына ылайык, катталган учурлардын саны 17 316ны түзүп, бул 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 32%га көп[1]. Бул көрсөткүчтөр зомбулукка каршы аракеттер көрүлүп жатканына карабастан өсүүдө. Мисалы, **2024-жылы** ИИМ тарабынан берилген коргоо ордерлеринин ичинен 13 663ү (95,1%) эркектерге, 699у (2,8%) аялдарга тиешелүү болгон. Анын ичинен 87 ордер (анын 59у) (1-сүрөттү кара) узартылган. **2025-жылдын 5 айында** 6 536 коргоо ордери берилген, бул дагы 36% өсүүнү көрсөтөт[2].

Зомбулукка каршы күрөшүүдө жабыр тарткандардын кайрылуусунун деңгээлинин төмөндүгү олуттуу көйгөй болуп саналат. Айрыкча сексуалдык мүнөздөгү кылмыштардын курмандыктары укук коргоо жана юридикалык органдар менен байланышууда экинчи жолу виктимизацияга (кайра жабыркоого)[3] учурап калуудан кооптонушат. Мунун натыйжасында үй-бүлөлүк зомбулуктун көпчүлүк учурлары расмий түрдө катталбай калууда. Бул болсо аныктоо жана чара көрүү механизмдеринин жетишсиздигин көрсөтүп, зомбулуктун чыныгы көлөмү тууралуу так маалымат алууга тоскоол болууда.

**1-сүрөт**. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалымат




Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программалары — гендердик зомбулуктун алдын алууда маанилүү курал болуп саналат. Кыргызстан үчүн бул механизм жаңы болуп, агрессорлор менен системдүү иш жүргүзүү жаңыдан өнүгүп келе жатат. Маанилүү кадамдардын бири — 2019-жылы типтүү оңдоп-түзөө программасынын кабыл алынышы болду. Бул чечим бейөкмөт уюмдарга мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) аркылуу мамлекеттин колдоосу менен үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын

[1] https://24.kg/obschestvo/331685/

[2] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/42

[3] Виктимизация — бул адамдын же адамдар тобунун кылмыштуу же зомбулук аракеттеринин натыйжасында жабырлануучу абалга келтирүү процесси же анын жыйынтыгы. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%92%D0%B8%D0%BA%D1%82%D0%B8%D0%BC%D0%B8%D0%B7%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F

жүрүм-турумун өзгөртүүгө багытталган практикалык иштерди баштоого мүмкүнчүлүк түздү[4].

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү Бишкек шаарындагы ЕККУнун программалык кеңсеси менен Кыргызстандагы Фридрих Эберт фондунун[5] ишмердүүлүгүнүн негизги багыты жана ар тараптуу коопсуздуктун эң маанилүү аспектиси болуп саналат. Бул уюмдар гендердик теңдикти илгерилетүү жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүдө жергиликтүү өнөктөштөрдү системдүү колдоо, атайын окутуу программаларын уюштуруу, эксперттик кеңештерди берүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу аркылуу активдүү көмөк көрсөтүп келишет. Мындай көп багыттуу ыкма жергиликтүү уюмдардын мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөөгө, зомбулукка каршы натыйжалуу механизмдерди ишке киргизүүгө жана гендердик теңдиктин туруктуу өнүгүшү үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгө болот.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программалардын ишке ашырылышын баалоо иши Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсеси менен Фридрих Эберт фондунун колдоосу менен жүргүзүлгөн. Бул отчет иш кагаздарын талдоого жана мамлекеттик органдардын, бейөкмөт уюмдардын, эксперттик коомчулуктун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен өткөрүлгөн жарым-жартылай түзүлгөн маектерге негизделген. Документте негизги жетишкендиктер, институционалдык жана ресурстук тоскоолдуктар аныкталып, аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы аракеттердин системалуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштар берилген.

[4] Борбор Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлүп жаткан үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы программаларга сереп салуу. ЕЕККУнун катчылыгынын WIN (Women and Men Innovating and Networking for Gender Equality) долбоору. WIN долбоору.

[5] ЕККУнун гендердик теңчилик боюнча программалары тууралуу маалыматты https://www.osce.org/ дарегинен тапса болот.

# II. БААЛОО МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Бул баалоо кабинеттик изилдөөгө жана негизги кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн маектерге негизделген сапаттуу маалыматтарды талдоо болуп эсептелет. Талдоо үй-бүлөдөгү зомбулукка багытталган, анткени Кыргызстандагы учурдагы оңдоп-түзөө программасы үй-бүлөлүк зомбулукка барган адамдарга багытталган.

Иш кагаздарын талдоонун алкагында эң оболу гендердик зомбулук, өзгөчө үй-бүлөлүк зомбулук боюнча ченемдик-укуктук актылар (ЧУА) каралган. Бул актылар зомбулук жасаган адамдар үчүн колдонулуучу оңдоп-түзөө программаларды жөнгө салат. Мындан тышкары, темага байланыштуу башка изилдөөлөр жана долбоордук документтер да каралган. Бардык материалдар орус тилинде же англис тилинен которулган түрүндө колдонулган. Мамлекеттик кызматтар боюнча маалыматтар негизинен Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсеси жана Фридрих Эберт фонду, алардын өнөктөш уюмдары тарабынан берилген. Ошондой эле тиешелүү мамлекеттик органдардын расмий сайттарынан алынган маалыматтар да колдонулган.

Баалоо алкагында 9 тереңдетилген жеке жана 1 топтук жарым-структуралык маек өткөрүлгөн (1-тиркеме), аларга жалпысынан 20 респондент катышкан. Алардын курамында Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ), Ички иштер министрлиги (ИИМ), Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаменти, гендердик маселелер боюнча көз карандысыз эксперттер жана психологдор, үй-бүлөлүк зомбулукка барган адамдар менен иштеген бейөкмөт уюмдар (БӨУ) жана кризистик борборлор (КБ), оңдоп-түзөө программаларды алып баруучу инструкторлор, ошондой эле Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсеси жана Фридрих Эберт фондунун кызматкерлери болгон (2-тиркеме).

Бул отчетто зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларынын мыйзамдык талаптардын аткарылышы, кызматтардын жеткиликтүүлүгү, программалардын мазмуну жана түзүмү, кризистик борборлор жана башка кызмат көрсөтүүчүлөр менен кызматташтык, ошондой эле оңдоп-түзөө программаларынын натыйжалуулугун баалоо жана мониторинг жүргүзүү тажрыйбасы сыяктуу негизги аспектилерине көңүл бурулат. Ошондой эле, отчетто оңдоп-түзөө программаларынын маңызы тууралуу кыскача түшүндүрмө, негизги ЧУА жана Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелери, талдоонун жыйынтыгы катары байкалган негизги тенденциялар, тыянактар жана сунуштар берилген.

# III. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Бул отчет 2019–2024-жылдар аралыгында Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар (агрессорлор/күнөөлүүлөр) үчүн ишке ашырылган оңдоп-түзөө программасын баалоо жана талдоо болуп саналат. Ал иш кагаздарын талдоого негизделип, ага улуттук нормативдик-укуктук база, үй-бүлөлүк зомбулуктун учурлары боюнча жеткиликтүү статистикалык маалыматтар жана зомбулукка барган адамдардын программадан өтүшү тууралуу маалыматтар кирет. Ошондой эле негизги кызыкдар тараптар менен өткөрүлгөн маектердин жыйынтыктары да камтылган.

Учурда Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук маселеси актуалдуулугун жоготпой келет. Жабырлануучулардын болжол менен 96 пайызы аялдар болуп, бул өлкөдө үй-бүлөлүк зомбулуктун так гендердик мүнөзгө ээ экенин көрсөтөт. Зомбулуктан жабыркагандар мамлекеттик кызмат көрсөтүү тутумунан жетиштүү колдоо таба албай, коомдук басымга, туугандары тарабынан болгон манипуляцияларга туш болушат жана көп учурда каржылык жактан жардамсыз калышат.

Кыргызстан үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн мыйзамдык негиз түзгөн. Бул алкакта оңдоп-түзөө программаларын жүргүзүүгө укуктук мандат каралган жана өлкө адам укуктары жаатындагы бир катар эл аралык негизги келишимдерди ратификациялаган. Гендердик маселелер боюнча жазык жана административдик мыйзамдар тынымсыз өркүндөтүлүп келе жатат. 2003-жылы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамын кабыл алынып, 2017-жылы ал бир топ жакшыртылган.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасы — Кыргызстан үчүн салыштырмалуу жаңы багыт болуп эсептелет. Анын негизги максаты — агрессорлордун/күнөөлүүлөрдүн жүрүм-турумун өзгөртүү жана кайталанган зомбулук учурларынын коркунучун азайтуу. Бул программа зомбулукка барган адамдарга өз жоопкерчилигин түшүнүүгө жардам берип, эмоцияларын көзөмөлдөөнү үйрөтүүгө багытталган. Оңдоп-түзөө программасы биринчи жолу 2009-жылы пилоттук негизде сыноодон өткөрүлүп, 2019-жылдан тарта мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болуп калган. Өлкөдө колдонулуп жаткан оңдоп-түзөө программасы эки эл аралык моделге негизделген:

1. Польша модели (Стефан Баторий фонду)
2. Дулут модели (АКШ), ал башкарууга жана зомбулукка байланыштуу жүрүм-турум үлгүлөрүн өзгөртүүгө көңүл бурат.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасын түзүүгө негиз болгон эл аралык милдеттенмелер — бул Кыргызстандын бир катар эл аралык келишимдерди, анын ичинде Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияны (АКБЖ/CEDAW), Аялдардын абалы боюнча Пекин декларациясын[6], жана Эмгек эл аралык уюмунун №190 конвенциясын (эмгек чөйрөсүндө зомбулук жана куугунтуктоону жоюу боюнча)[7] ратификациялашы болуп эсептелет. Бирок, Кыргызстан аялдарга жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы эффективдүү күрөштүн минималдуу стандарттарын[8]. белгилеген Европа Кеңешинин Аялдарга жана үй-бүлөлүк зомбулукка

[6] Пекин декларациясы жана Иш-аракет платформасы 1995-жылы Пекинде өткөн БУУнун Аялдар боюнча IV Дүйнөлүк конференциясында кабыл алынган аялдардын укуктарын коргоо боюнча негизги эл аралык документ болуп саналат.

[7] https://24.kg/vlast/287964_ratifitsirovana_konventsiya_obnbspiskorenenii_nasiliya_inbspdomogatelstv_vnbspsfere_truda/

[8] https://24.kg/obschestvo/284035_ukyirgyizstana_est_vozmojnost_prervat_tsikl_nasiliya_chto_dlya_etogo_nado_sdelat/

каршы конвенциясын (Стамбул конвенциясы)[9] ратификациялай элек.

Улуттук деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулукка барган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасын түзүүгө негиз болгон негизги документтер төмөнкүлөр:

- «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамы (2017-ж.)
- Жазык кодекси (177-берене «Үй-бүлөлүк зомбулук» )
- Укук бузуулар жөнүндө кодекси
- Типтүү оңдоп-түзөө программасын бекиткен Өкмөттүн №390 токтому (2019-ж.)

Көрүлгөн аракеттерге карабастан, Кыргызстанда оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу бир катар системалуу көйгөйлөргө туш болууда. Мамлекеттик каржылык жана кадрдык ресурстардын жетишсиздиги белгиленип, бул жагдай практикада жоопкерчиликтин бейөкмөт уюмдарга жана кризистик борборлорго жүктөлүшүнө алып келүүдө. Өз кезегинде бул уюмдар да көп учурда сырткы донорлордун каржылык жардамына көз каранды. Өзгөчө коңгуроо кагууга түрткү болгон маселе — бул оңдоп-түзөө программасынан өткөн күнөөлүүлөрдүн так саны боюнча ишенимдүү статистикалык маалыматтын жоктугу. Ошондой эле, оңдоп-түзөө программасы зомбулуктан жабыркагандардын коопсуздугун камсыз кылууда жана кайталанган укук бузуулардын алдын алууда маанилүү роль ойногону менен учурдагы программа үй-бүлөлүк зомбулукка баргандардын жалпы санынын чакан гана бөлүгүнө багытталганын түшүнүү да абдан маанилүү.

Отчетто туруктуу жана жетиштүү мамлекеттик каржылоонун зарылдыгы, ведомстволор аралык координацияны күчөтүү, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча жүргүзүлгөн иштерди көзөмөлдөө үчүн ишенимдүү маалымат топтоо жана баалоо механизмдерин түзүү керектиги баса белгиленет.

## НЕГИЗГИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

### ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

- Агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программаларын милдеттендирген жана сүрөттөгөн укуктук базанын[10], болушу — бул кийлигишүүлөрдү ишке ашырууда укуктук негизди камсыз кылган негизги жетишкендик болуп саналат. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»[11] учурдагы Мыйзам жабырлануучуларды коргоо жагынан өркүндөтүлүп, ички иштер органдарынын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн жана сот органдарынын чара көрүү механизмдерин күчөткөн. Мыйзамдагы маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири — бул коргоо ордеринин мөөнөтү 30 күнгө чейин узартылганы. Мындан тышкары, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн коргоо ордери берилген учурда оңдоп-түзөө программасынан өтүү милдеттүү түрдө мыйзамга киргизилген.
- 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №390 (2019-ж.) токтому кабыл алынып, анда типтүү оңдоп-түзөө программасы жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө өз ара аракеттенген 17 субъекттин ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби бекитилген.
- 2019–2024-жылдар аралыгында оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу үчүн жооптуу орган — Эмгек, социалдык

[9] Стамбул конвенциясы (расмий аталышы — Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин конвенциясы) — Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча алдын алуу, жабырлануучуларды коргоо жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга багытталган Европадагы биринчи укуктук жактан милдеттендирүүчү эл аралык келишим болуп саналат.

[10] https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2023/02/informacziya-o-realizaczii-zakona-ob-ohrane-i-zashhite-ot-semejnogo-nasiliya-na-ruuskom.pdf

[11] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» №63 Мыйзамы (2017-жыл). Беренелер: 11.1.7 жана 11.2.4.

камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) болгон. Бул мезгил ичинде ЭСКММдин мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) алкагында, Фридрих Эберт фондунун жана Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсесинин колдоосу менен 1455 үй-бүлөлүк зомбулук жасаган күнөөлүү адам[12] оңдоп-түзөө программасынан өткөн.

- 2024-жылы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу милдети Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментине өткөрүлүп жүктөлгөн. Ошондой эле 2024-жылы ЖАМК тарабынан зомбулук мүнөзүндөгү кылмыштар үчүн соттолгондорго арналган «Алакан» программасы ишке киргизилген.

- 2025-жылы Пробация департаментинин жетекчилиги алдында ведомстволор аралык жумушчу топ (ВЖТ) түзүлүп, ал мамлекеттик органдардын — ЭСКММ, ИИМ, соттор, ЖӨБ органдары, ошондой эле кризистик борборлор жана бейөкмөт уюмдардын — аракеттерин координациялап, оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу боюнча 5 ченемдик-укуктук актыны (ЧУА) иштеп чыгууда: типтүү оңдоп-түзөө программасы, ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тартиби үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүү тартиби, тобокелдикти баалоо ыкмасы жана убактылуу коргоо ордеринин формасы.

- Мамлекеттик программаларды ишке ашыруудагы боштукту толтурууда КЭУлардын жана кризистик борборлордун активдүү ролу ийгиликтин негизги фактору болуп саналат. Алар эл аралык алдыңкы тажрыйбага негизделген пилоттук программаларды[13] иштеп чыгууга активдүү катышкан жана учурда мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) аркылуу аз өлчөмдөгү каржылык колдоо алып, оңдоп-түзөө программасы боюнча маанилүү кызматтарды көрсөтүүнү улантып келишет. Жалпысынан 8 кризистик борбор оңдоп-түзөө сабактарын активдүү жүргүзүп, ага 50гө жакын атайын даярдыктан өткөн инструкторлор/жетекчилер тартылган. Алардын айтымында, программаларга катышкан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарда оң өзгөрүүлөр байкалууда — агрессиянын төмөндөшү, жеке жоопкерчиликти түшүнүү жогорулаган.

- Зомбулук жасаган агрессорлор/күнөөлүүлөр үчүн оңдоп-түзөө программасынын маанилүүлүгү жана актуалдуулугу баалоого катышкан бардык тараптар тарабынан белгиленген. Мындай программалар зомбулукка барган адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүүгө өбөлгө түзөрө айтылган. **Кризистик борборлор тарабынан зомбулук жасаган адамдар менен жүргүзүлгөн баалоо иш-чараларынын жыйынтыгында катышкан эркектер үй-бүлөсүндөгү келишпестиктердин негизги себебин жубайларынын эмес, өздөрүнүн жүрүм-турумунан көрө баштаганы байкалган. Алар биринчи жолу өз эмоцияларын жана сезимдерин аң-сезимдүү түрдө көзөмөлдөөнү практикада колдонууга аракет кылышкан.** Бирок бул маалыматтар статистикалык көрсөткүчтөр менен тастыкталган эмес.

- Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсеси, Фридрих Эберт фонду, БУУнун «Теңдик нуру» демилгеси жана Европа Биримдигинин колдоосу менен ишке ашырылган башка БУУ долбоорлору сыяктуу эл аралык уюмдар жана демилгелер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга маанилүү техникалык жардам көрсөтүп, алардын потенциалын чыңдоого салым кошууда. Бул мамлекеттин активдүү катышуусу зарыл экенин жана агрессорлорду реабилитациялоо боюнча системалуу жакшыртуулар маанилүү экенин белгилейт.

[12] Жергиликтүү ЖКУлардын/кризистик борборлордун жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн отчетторуна ылайык

[13] https://www.osce.org/files/f/documents/1/3/576330.pdf

## КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

- Оңдоп-түзөө программасын натыйжалуу ишке ашырууга эң олуттуу тоскоолдук — бул мамлекеттик органдардын каржылык жана административдик ресурстарынын чектелүү болушу. Айрыкча курч маселе катары социалдык кызматкерлердин жүктөмүнүн өтө жогору болушу жана зомбулуктан жабыркагандар менен иштөөнүн стандарттарынын жоктугу белгиленүүдө; оңдоп-түзөө программаларын өткөрүү үчүн ылайыктуу имараттардын тартыштыгы; программаны алып барган инструкторлордун/жетекчилердин ишине төлөнчү акынын аздыгы; ИИБдин жана ЭСКММдин аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери бул ишмердүүлүк үчүн атайын бюджеттик камсыздоого ээ эместиги белгиленүүдө[14]. Жергиликтүү деңгээлде агрессорлор жана зомбулуктан жабыркаган үй-бүлөлөр менен жеке иш алып бара алган адистердин жетишсиздиги курч сезилүүдө.

- Психологдордун жетишсиздиги дагы бир маанилүү көйгөй. Себеби мамлекеттик сектордо эмгек акынын аздыгынан улам көптөгөн психологдор жеке практикага кетүүгө аргасыз болушат. Ошондой эле эркек-агрессорлор менен иштөө үчүн эркек психологдорго жана аял-агрессорлор менен иштөө үчүн аял психологдорго болгон муктаждык кадрдык маселелерге кошумча татаалдыктарды жаратат[15].

- Учурдагы милдеттүү жана ыктыярдуу оңдоп-түзөө программаларынын узактыгы (30 күндөн 3 айга чейин чектелген) эксперттердин пикиринде катышуучулардын аң-сезимин жана жүрүм-турумун терең өзгөртүүгө жетиштүү эмес. Адистердин айтымында, адамдын баалуулукка болгон көз караштарын кайра карап чыгуу, жүрүм-турумдагы туруктуу үлгүлөрдү өзгөртүү жана коомдук стереотиптерден арылуу үчүн кыйла узагыраак убакыт талап кылынат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, жыйынтык бере турган оңдоп-түзөөнүн минималдуу мөөнөтү адатта, 6–12 айды түзөт.

- Ведомстволор аралык координациянын жетишсиздиги жана ролдордун так аныкталбагандыгы бардык респонденттер тарабынан туруктуу көйгөйлөрдүн бири катары белгиленген. Бул маселелер ыкчам жана макулдашылган чара көрүү системасын түзүүгө тоскоол болууда[16]. 2020-жылы ведомстволор аралык аракеттерди оптималдаштыруу үчүн «иш-аракеттердин бирдиктүү алгоритми»[17] иштелип чыкканына карабастан, аны бардык тиешелүү органдар тарабынан толук жана натыйжалуу ишке ашыруу азыркыга чейин көйгөй бойдон калууда.

- Программаларды ишке ашыруудагы жоопкерчиликти институционалдаштыруу маселеси өзгөчө курч маселе болуп калууда. Бул үчүн программанын методикасын иштеп чыгуудан тартып жыйынтыктарды мониторинг жүргүзүүгө чейинки процессти бирдиктүү координациялаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды же атайын адистештирилген уюмду так белгилөө талап кылынат. Ошондой эле оңдоп-түзөө программасын мамлекеттик кызматтардын тизмесине кошуп, аны узак мөөнөттүү, кепилденген каржылоо жана кесипкөйлүк менен коштолгон түрдө камсыздоо зарыл. Бул үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча механизмдин толук кандуу жана туруктуу иштешин камсыздайт.

- Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулуктун негизги жабырлануучулары аялдар болгондуктан, жабыркагандардын көбү жардам алуу үчүн кризистик борборлорго кайрылышат. Бүгүнкү күндө өлкөдө КЭУ тарабынан түзүлгөн мындай 19 борбор

[14] https://24.kg/obschestvo/265767_upravlenie_gnevom_ili_kak_vkyirgyizstane_perevospityivayut_domashnih_tiranov/
[15] https://24.kg/obschestvo/265767_upravlenie_gnevom_ili_kak_vkyirgyizstane_perevospityivayut_domashnih_tiranov/
[16] https://24.kg/obschestvo/284035_ukyirgyizstana_est_vozmojnost_prervat_tsikl_nasiliya_chto_dlya_etogo_nado_sdelat/
[17] https://www.gov.kg/ru/post/s/plan-srochnykh-meropriyatiy-po-predotvrashcheniyu-semeynogo-nasiliya-v-kyrgyzskoy-respublike

иштеп жатат, алардын ичинен болгону экөөсү: Бишкек шаарындагы «Аялзат» жана Нарын шаарындагы «Асылзат» муниципалдык макамга ээ. Бул мекемелер комплекстүү жардам көрсөтүшөт: медициналык, психологиялык жана укуктук колдоо, убактылуу башпаанек менен камсыздоо, ошондой эле зомбулукка жакын адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларын жүргүзүшөт. Бирок алардын ресурстары жардамга муктаж болгон бардык адамдарды толук камтууга жетишсиз болууда.

- Оңдоп-түзөө программасынын КЭУлар менен кризистик борборлорго көз карандылыгы бул программалар негизинен бөлүнүп-бөлүнүп ишке ашырылып жатканын билдирет жана бул өзгөчө айыл жерлеринде же алыскы аймактарда жашаган агрессорлордун басымдуу бөлүгүн камтый албай жатат. Кризистик борборлор менен КЭУлар туруктуу эмес эл аралык донордук жардамга же мамлекеттик социалдык заказ аркылуу берилген каржылоого көз каранды болгондуктан, бул жагдай оңдоп-түзөө программаларынын туруктуулугуна, үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө жана кеңири масштабда жайылтылышына чоң тобокелдиктерди жаратат.

- Мыйзамга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуунун жана жабыркагандарды коргоонун негизги укуктук механизми — бул убактылуу коргоо ордери[18]. Бирок бул чара кыска мөөнөттүү коргоону гана камсыздайт. Акыркы мезгилде коргоо ордерлери көбүрөөк берилүүдө, бирок көптөгөн эксперттер бул ордердин таасири төмөн экенин белгилешүүдө, анткени алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, ордер үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун каражаты катары колдонулуп жатканда дагы башка көйгөйлөр пайда болууда. Маселен, ордер берилгенден кийин соттун чечими чыкканга чейин 70 күнгө чейин убакыт өтүшү мүмкүн. Бул убакыт аралыгында жабыркагандар дагы зомбулукка кабылуу коркунучу алдында турушат.

- Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин ***72-беренеси боюнча («Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөө программасынан өтүүдөн баш тартуусу»)*** ИИМдин расмий сайтындагы маалымат — «0» деп көрсөтүлгөн[19] . Бул көрсөткүч үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жана берилген коргоо ордерлеринин (14362) саны өсүп жаткан шартта системалуу көйгөйдүн бар экендигине шек жаратат. Бул деген, агрессорлор программаларга багыттама алышпайт же программалар тийиштүү адамдарга үзгүлтүксүз сунушталбайт же болбосо милдеттүү программага баш ийбегендерге карата мониторинг жана чара көрүү системасы натыйжалуу иштебей жатат дегенди билдирет. Зомбулуктан жабыркагандар үчүн өзгөчө кооптуу жагдай, агрессорлорго коргоо ордери берилсе да, аларга программага өтүү тууралуу соттун чечими чыга элек учурларда жаралат. Мисалы, ИИМдин 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата маалыматына ылайык, 6400дөн ашуун коргоо ордерлер[20], берилген болсо, Пробация департаментинин сайты алты (6) гана агрессор оңдоп-түзөө программасына тартылганын көрсөтөт. Бул калган учурлардын 99,9%ы[21] керектүү психокоррекциялык иш-чарасыз калганын билдирет жана жабырлануучулар үчүн коркунуч туудурат.

- Баалоо үчүн берилген материалдарда жана маалыматтарда агрессорлор/зомбулук көрсөткөндөр канчалык деңгээлде оңдоп-түзөө программасынан өтүп, ийгиликтүү аякташканы боюнча так статистикалык маалыматтар жок. Расмий жеткиликтүү маалыматтар негизинен зордук-зомбулук учурларынын жана

[18] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 «Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө» токтому

[19] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/42

[20] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/47

[21] https://probation.minjust.gov.kg/ru

коргоо ордерлерин санына басым жасайт, бирок агрессорлор үчүн милдеттүү болгон оңдоп-түзөө компонентин көзөмөлүндө тууралуу маалымат жок. Мындай маалыматтын жоктугу агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программасынын мониторинг жана баалоо инфраструктурасында системалуу мүчүлүштүктөр бар экенин көрсөтөт.

- Пробация департаменти соттун чечиминин болушу менен байланышкан милдеттүү оңдоп-түзөө программасын гана аткарып жаткандыгы эксперттерди өзгөчө тынчсыздандырууда. Үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөн, бирок соттун чечими жок адамдар үчүн ыктыярдуу оңдоп-түзөө программасы кандай тартипте жүрөрү, анын макамы кандай экени белгисиз бойдон калууда.
- Эксперттер жоопту түзүмдөр жана кызмат көрсөтүүчүлөр (кризистик борборлор жана КЭУ) тарабынан оңдоп-түзөө ишинин мониторинг жана баалоо системасынын бир тараптуу мүнөздө экенине өзгөчө тынчсызданууну билдиришти. Себеби учурда негизги көңүл агрессорлордун пикири менен жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөргө бурулуп, ал эми алардын курмандыктары (жубайлары жана балдары) зомбулуктун деңгээлин өзгөртүү боюнча баалоодо көп учурда көңүл сыртында калууда. Дүйнөлүк практикада ийгиликтүү оңдоп-түзөө программасы үч өз ара байланышкан компоненттен турушу керектиги белгиленет: эркектер үчүн программа, аялдар үчүн колдоо кызматы жана балдар үчүн колдоо кызматы. Бул үй-бүлө мүчөлөрүнө зомбулукка каршы комплекстүү жардам көрсөтүүгө шарт түзөт[22]. Ошондой эле программаны мониторинг кылууда жана натыйжаларын баалоодо бардык тараптардын пикирлери эске алынышы керек. Зомбулук көрсөткөн адамдын жакын чөйрөсүн оңдоп-түзөө программасынын ийгиликтүүлүгүн баалоого тартуу анын натыйжалуулугун аныктоодо объективдүүлүктү жогорулатат.
- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү системасына тартылган адистердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу зарылдыгын баалоого катышкан мамлекеттик органдардын жана жарандык сектордун өкүлдөрү бир добуштан белгилешти. Бул социалдык кызматкерлерге, участкалык инспекторлорго, ИИМ кызматкерлерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө тиешелүү, аларга гендердик сезимталдык, аялдардын укуктарын коргоо жана оңдоп-түзөө программалары боюнча кошумча билимдер зарыл.
- Коомдо түптөлүп калган салттуу гендердик стереотиптер көбүнчө үй-бүлөлүк жаңжалдарды чечүүнү аныктап, зомбулукка негизделген өз ара мамилелер көпчүлүк учурларда үй-бүлөлөрдө кадимки көрүнүш катары кабыл алынып, муундан муунга өтүшү мүмкүн. Бул кеңири тараган социалдык контекст агрессорлордун жүрүм-турумун туруктуу өзгөртүүгө олуттуу тоскоолдук жаратып, зомбулукту актаган түшүнүктөрдү бекемдейт.

## НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

### ЖЫЙЫНТЫКТАР

- Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программасы туура ыкма жана жеткиликтүү камтуунун шартында зомбулукка каршы күрөшүүдө натыйжалуу курал боло алат. Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн укуктук база түзүлгөн. Анын ичинде «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»[23] мыйзам жана Өкмөттүн №390

[22] https://www.gov.scot/publications/caledonian-system-evaluation-analysis-programme-tackling-domestic-abuse-scotland/pages/3/

[23] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» №63 Мыйзамы (2017-жыл). Беренелер: 11.1.7 жана 11.2.4.

токтому бар. Бул документтер агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программаларын өткөрүүнү милдеттендирет. Кыргызстан ошондой эле адам укуктары боюнча негизги эл аралык конвенцияларды ратификациялоо менен дүйнөлүк стандарттарга берилгендигин тастыктаган. Бирок зомбулуктун алдын алууда маанилүү роль ойногон Стамбул конвенциясы ратификацияланбаган.

- Мындай мыйзамдык негиздерге карабастан, мамлекеттик органдар тарабынан оңдоп-түзөө программасын практикалык ишке ашырууга финансылык жана кадрдык ресурстардын, атап айтканда, квалификациялуу психологдордун жана кызмат көрсөтүү үчүн ылайыктуу инфраструктуранын (жайлардын) туруктуу жетишсиздиги тоскоол болууда. Коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) жана кризистик борборлор, көп учурда туруксуз донордук же мамлекеттик каржылоого көз каранды болуп, бул программаны ишке ашырууда негизги ролду ойношот. Натыйжада, программалар бирдиктүү болбой, кызматтардын жеткиликтүүлүгүнө жана туруктуулугуна залакасын тийгизет.
- Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын программаларга реалдуу катышуусу жана аларды аяктаганы тууралуу толук жана ишенимдүү маалыматтар жетишсиз. Расмий статистикада мындай программалардан баш тартуу – «нөл» деп көрсөтүлүп жаткан мониторинг, милдеттендирүү жана отчеттуулук механизмдеринде олуттуу кемчиликтер бар экенин билдирет. Бул системанын басымдуу бөлүгү кризистик чараларга (мисалы, коргоо ордерлери) багытталып, зомбулук кылган адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүү үчүн системалуу, көзөмөлдөгөн реабилитация жетиштүү колдонулбай жатканын көрсөтөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурлары көбөйүп жатканы менен, агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн реабилитациялык чаралар натыйжалуу жана системалуу колдонулбай келет.

## О СУНУШТАР

### ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ОРГАНДАРГА ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРГЕ

- **Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин конвенциясын (Стамбул конвенциясы) ратификациялоону**н артыкчылыктарын жана кесепеттерин кайра карап чыгуу. Конвенцияны ратификациялоо өлкөнүн алдын алуу, коргоо, кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана интеграцияланган саясат багыттарындагы стандарттарга берилгендигин көрсөтмөк. Бул ошондой эле зомбулук жасаган агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программаларын караган жоболорду мыйзамдуу негизде киргизүүгө шарт түзүп, эл аралык кызматташтык алкагында техникалык колдоолорду алуу мүмкүнчүлүгүн ача алат.
- **Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатында иш алып барган 17 субъектти**н (ИИМ, ЭСКММ, Пробация департаменти, ЖӨБ, кризистик борборлор, инструкторлор ж.б) **ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү жана координацияны өркүндөтүү.** Программага катышуучуларды багыттоо, маалымат алмашуу жана ар кандай суроолорго реакция механизмдерин жакшыртуу үчүн ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн бирдиктүү алгоритмин киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо. Ал алгоритм протокол, текшерүү тизмеси же башка жөнгө салуучу документ түрүндө болушу мүмкүн. Бул аракеттер жоопкерчиликтин так чегин, милдеттерди, иерархиялык буйруктарды жана отчеттуулук механизмдерин аныктап, үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенүүнүн бардык баскычтарында натыйжалуу жана үзгүлтүксүз координацияны камсыздоого тийиш.
- Пробация департаментине, ЭСКММге, ИИМге жана башка тиешелүү

мамлекеттик жана муниципалдык органдарга оңдоп-түзөө программасын натыйжалуу биргелешип ишке ашыруу үчүн **мамлекеттик бюджеттен жетиштүү жана туруктуу каржылоону камсыз кылуу. Квалификациялуу психологдордун жана социалдык кызматкерлердин курч тартыштыгын жоюу боюнча стратегия иштеп чыгуу** зарыл. Бул стратегияга кадрларды окутуу, ишке алуу жана кызматта кармап калуу, мамлекеттик сектордо жана региондордо иштөөгө шыктандыруучу механизмдерди түзүү камтылышы керек. Айрыкча, эркек агрессорлор менен иштөө үчүн эркек психологдорду даярдоого өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени бул муктаждык катары белгиленген. Инструкторлорду жогорку окуу жайлардын базасында (мисалы, магистратура деңгээлинде) даярдоо – профессионалдуу инструкторлордун, психологдордун жана социалдык кызматкерлердин жетишсиздигин жоюунун мүмкүн болгон чечимдеринин бири болуп саналат.

- Оңдоп-түзөө программасынын психологдору жана инструкторлору үчүн стандарттарды жана сертификация механизмдерин иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо. Бул механизмдер тиешелүү ЧУА менен бекитилиши керек. Сертификациялоо критерийлери негизги кызыкдар тараптар менен макулдашылып иштелип чыгышы зарыл. Оңдоп-түзөө программасынын инструктору/жетекчиси болууга талапкерлер бир нече этаптагы окууларды жана милдеттүү стажировкадан өткөндөн кийин гана сертификат алышы керек. Сертификациялоонун мисалы катары төмөнкү талаптарды кароо сунушталат: аккредитацияланган программа боюнча минималдуу окуу сааттары, кошумча супервизия сааттары, негизги компетенциялар, гендердик сезимтал ыкмаларды жана адам укуктарын билүү, жабырлануучулардын коопсуздук стандарттарын билүү, фасилитациялоо көндүмдөрү жана эркектер/аялдар топтору менен иштөө, үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү, командада иштөө жөндөмдүүлүгү, ж.б.[24]

- **Оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу үчүн тиешелүү шарттарды жана инфраструктураны камсыз кылуу керек**. Бул социалдык кызматкерлердин жумуш жүгүн жеңилдетүүнү, гендердик зомбулук жасаган адамдар менен иштөөгө арналган операциялык процедуралардын стандарттарын иштеп чыгууну, оңдоп-түзөө программасын жүргүзүү үчүн ылайыктуу жайлар менен камсыздоону, ошондой эле зомбулук жасаган адамдар (агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар) боюнча бирдиктүү маалымат базасын түзүүнү камтышы керек. Мындай база укук коргоо органдарына агрессорлорду натыйжалуу көзөмөлдөөгө, ал эми социалдык кызматтарга жана кризистик борборлорго тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөрдү өз убагында аныктап, аларга жардам көрсөтүүгө шарт түзөт.

- Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программаларын ишке ашырууда негизги аткаруучу болуп саналган **КЭУлар жана кризистик борборлор менен өнөктөштүк мамилелерди формалдаштыруу жана аларды тийиштүү деңгээлде мамлекеттик каржылоо зарыл**. Бул үчүн алардын тажрыйбасын пайдаланууга, программаны өлкө боюнча кеңири жеткиликтүү кылууга жана агрессорлор үчүн туруктуу түрдө катышууга мүмкүнчүлүк түзгөн механизмди өнүктүрүү керек. Ошондой эле, коргоо ордери берилгени менен программадан өтүү боюнча соттун чечимин ала элек агрессорлордун саны көп экенин эске

[24] Оңдоп-түзөө программаларын жүргүзгөн инструкторлордун/жетекчилердин кызматын өнүктүрүү үчүн МКЮЖ системасын өнүктүрүүдөгү тажрыйбаны жана адвокаттардын реестрин түзүү моделин изилдөө мүмкүн.

алуу зарыл[25]. Бул үчүн бардык коргоо ордерлерин каттап, алардын маалыматын кризистик борборлорго автоматтык түрдө өткөрүп берүүнү камсыздаган атайын механизмди түзүү сунушталат.

- **Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар үчүн кризистик борборлордун жана баш калкалоочу жайлардын санын көбөйтүү керек**. Бишкектеги жалгыз мамлекеттик "Аялзат" борбору (60 орундуу) бардык муктаждыктарды камсыздай албайт. Жабырлануучуларды агрессорлордун артынан түшүү жана куугунтуктоодон коргоо максатында купуялуулугу жана коопсуздугу камсыздалган кошумча коопсуз жайларды түзүү зарыл.

- **Агрессорлордун милдеттүү оңдоп-түзөө программасына катышуусун жана аякташын көзөмөлдөөнүн механизмдерин ишке ашыруу керек**. Программага катышуудан баш тартуу боюнча статистиканын нөл көрсөткүчү — бул көйгөйдү, мониторингди натыйжалуу жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 72-беренесин ырааттуу колдонуу менен чечүүгө болот, ага ылайык программаны өтүүдөн баш тартуу үчүн укуктук жоопкерчилик каралган. Мындай учурлар үчүн атайын **жооптуу координаторлорду (кураторлорду)** дайындоо сунушталат. Алар агрессорлордун оңдоп-түзөө программасын өтүшүн көзөмөлдөп, зомбулуктан жабыркаган адамдарды коргоону камсыздоо максатында тиешелүү түзүмдөрдүн өз ара аракетин координациялап турууга милдеттүү болушат. Себеби, практикада коргоо ордери берилгенден кийин жана соттун чечими чыкканга чейин 70 күндүн ичинде жабырлануучу(лар) зомбулукка дуушар боло бериши мүмкүн.

[25] Пробация департаментинин 2025-жыл үчүн маалыматына ылайык, КР ИИМинин маалыматы боюнча 6000ден ашуун коргоо ордери берилгенине карабастан, оңдоп-түзөө программасы менен коштолгон болгону 9 учур (0,1%) катталган. Мунун негизинде, учурлардын 99,8% оңдоп-түзөө программасынын көңүлүнөн сыртта калууда.

- **Оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө маалыматтардын борборлоштурулган ведомстволор аралык тутумун түзүү**, анда бардык тиешелүү мамлекеттик органдар (Пробация департаменти, ИИМ, ЭСКММ, сот органдары, Улуттук статистика комитети) үчүн мониторинг жана отчеттуулуктун аныктамаларын, методологиясын жана стандарттарын төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылуу:

  - Натыйжаларды өлчөө үчүн **көрсөткүчтөр/индикаторлордун бирдиктүү системасын түзүү**
  - Маалыматтарды чогултуу үчүн бирдиктүү куралдар жана ыкмаларды колдонуу (мисалы, анкета, катышуучунун өзүн-өзү баалоосу, текшерүү баракчалары, кайтарым байланыш формасы ж.б.), жооптуу адамдарды жана маалыматтарды чогултуу менен анализдөө мөөнөттөрүн көрсөтүү, ошондой эле документтердин шаблондорун иштеп чыгуу
  - **Мониторинг жана баалоо боюнча** биргелешкен жумушчу **топ**
  - **Программага үзгүлтүксүз мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо** жүргүзүү
  - **Натыйжалар жөнүндө жалпыга маалымдоо**
  - **Мониторинг жана баалоонун заманбап куралдарын колдонууга** негизги кызмат көрсөтүүчү ведомстволорду (пробация департаменти, ЭСКММ, ИИМ, КБ /КЭУ) **окутуу**.

- **Бирдиктүү көрсөткүчтөр/индикаторлор системасынын болушу** төмөнкүлөрдү көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет:

  - Ар кандай булактардын ортосундагы учурдагы айырмачылыктарды (мисалы, ИИМ менен Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарындагы

айырмачылыктарды) жоюу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурларынын санын

- Убактылуу коргоо ордерлеринин санын, алардын мөөнөтүн жана аткарылыш абалын
- Оңдоп-түзөө программаларына жөнөтүлгөн зомбулук көрсөткөн адамдардын санын
- Оңдоп-түзөө программаларын ***баштаган, катышып жаткан жана аяктаган*** зомбулук көрсөткөн адамдардын санын (милдеттүү жана ыктыярдуу түрдө)
- Узак мөөнөттүү жүрүм-турумдун өзгөрүшүнө баа берүү үчүн программанын катышуучуларынын арасында рецидивдүүлүктүн көрсөткүчтөрүн
- **Зомбулуктан жапа чеккен адамдардын жана алардын жакын чөйрөсүнүн көз карашы аркылуу оңдоп-түзөө программасынын жыйынтыктарын баалоо** көрсөткүчтөрүн.

◇ Зомбулук жасаган адамдар менен иштөө учурунда жабырлануучулардын жана алардын балдарынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, **тийиштүү адистер** (медициналык кызматкерлер, балдарды коргоо кызматтары, укук коргоо органдары жана ЖӨБ органдары) **үчүн атайын даярдыктарды өткөрүү**.

◇ **Туруктуу натыйжаларга жетүү үчүн оңдоп-түзөө программасын** (эл аралык тажрыйбага ылайык) **6 айга чейин узартуу**. Программаны мөөнөтүнөн мурда токтотуу коркунучун азайтуу максатында, ыктыярдуу программалар үчүн катышуучулардын мотивациясын жогорулатуу жана туруктуу каржылоо механизмдерин караштыруу,.

◇ Оңдоп-түзөө программасын ишке ашырууга катышкан **бардык адистердин гендердик сезимталдыгын жогорулатуу** максатында үзгүлтүксүз тренингдерди жана билим берүү иш-чараларын өткөрүү. Айрыкча майыптыгы бар аялдарга карата эки жактуу дискриминация маселесине өзгөчө көңүл буруп, оңдоп-түзөө программаларын иштеп чыгууда жана өткөрүүдө инклюзивдүү ыкманы камсыз кылуу.

## ЖАРАНДЫК КООМ УЮМДАРЫНА (КРИЗИСТИК БОРБОРЛОР, КЭУ, МЕДИАУЮМДАР)

◇ КЭУ/кризистик борборлор тарабынан ишке ашырылган оңдоп-түзөө программалары зомбулук жасаган адамдар менен иштөө үчүн илимий негизделген, стандартташтырылган окуу программаларына ылайык келиши керек. Ошондой эле эл аралык коопсуздук стандарттарына жана кайрадан зомбулукка кабылуу тобокелдигин жоюу талаптарына ылайык, кризистик борборлордо жабырлануучулар менен зомбулук жасаган адамдары **өз-өзүнчө жайгаштыруу жана тейлөө шарттарын** камсыз кылуу зарыл.

◇ Мамлекеттик органдар менен **кызматташууда комплекстүү моделди колдонуу** сунушталат. Бул функциялар менен жоопкерчиликтердин ачык бөлүштүрүлүшүн, программалардын жыйынтыктарына биргелешип мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону, ошондой эле мыкты тажрыйбалар жана методикалык ыкмалар менен өз ара бөлүшүүнү камтышы керек.

◇ **Эксперттик жана медиа коомчулук менен бирге диалогдук аянтчаларга, жумушчу/эксперттик топторго катышуу, оңдоп-түзөө программасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу же программаны ишке ашыруунун мониторингине тартылып**, зарылчылыкка жараша анын натыйжаларын жакшыртуу үчүн эффективдүү ыкмаларды иштеп

чыгуу сунушталат[26].


- **Зомбулуктун бардык түрлөрүнө карата коомдо нөлдүк чыдамкайлыктын маданиятын калыптандыруу багытында жарандык коом уюмдары менен медиа коомчулуктун биргелешкен аракеттерин активдештирүү** сунушталат. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, диний лидерлер жана билим берүү мекемелери сыяктуу негизги коомдук институттар менен системалуу өз ара аракеттенүүнү түзүү зарыл. Максаты — туруктуу агартуу иш-чараларын жүргүзүү. Ошондой эле зомбулукту четке каккан позитивдүү үлгүлөрдү көрсөтө алган кадыр-барктуу коомдук ишмерлердин катышуусу менен үзгүлтүксүз медиакампанияларды өткөрүү сунушталат.
- **Коомдук мониторинг системасын иштеп чыгуу же түзүү** сунушталат. Бул система калктын маалымдуулук деңгээлин аныктоо боюнча үзгүлтүксүз социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, жарандардын (анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарынын) пикирлерин алуу үчүн атайын «анонимдүү каналдарды» уюштурууну, ошондой эле жетишилген натыйжалар тууралуу жыл сайын отчет жарыялоону камтышы керек. Бул иште өзгөчө көңүл өлкөнүн аймактарына жана эркектерди профилактикалык программаларга тартууга бурулушу зарыл.

[26] Бул максаттар үчүн жакшы натыйжа көрсөткөн бир нече ыкма бар, мисалы, WWP EN IMPACT жыйынтыктарын мониторингдөө үчүн инструменттер топтому. Караңыз: Берта Валл Кастельо, Алессандра Паунч, Анна МакКензи, WWP EN IMPACT жыйынтыктарын мониторингдөө үчүн инструменттер топтому (Берлин: Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча Европалык тармак, 2021-жыл).

# IV. ЗОМБУЛУК ЖАСАГАН АДАМДАР ҮЧҮН ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫ: АНЫКТАМА

Аялдарга карата зомбулуктун иш жүзүндө таралышы менен бийлик тарабынан катталган расмий маалыматтардын ортосунда олуттуу ажырым бар. Көптөгөн изилдөөлөр аялдар зомбулук фактылары тууралуу өтө сейрек түрдө расмий кайрылышарын көрсөтүүдө (*2-сүрөттү кара*)[27]. Ошого карабастан, укуктук, административдик жана социалдык чаралар менен катар агрессияны жана зомбулук жүрүм-турумду азайтууга багытталган реабилитациялык жана билим берүү программалары үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүн комплекстүү чечүүдө маанилүү ролду ойнойт.

**2-сүрөт**. Зордук-зомбулуктун жайылышы




Зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасы – бул психо-социалдык кийлигишүүлөр системасы болуп саналат. Анын негизги максаты – зомбулук жасаган адамдар менен иш алып баруу аркылуу зомбулукка кабылган жабырлануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу. Мындай ыкма зомбулук көрсөткөн адамдардын жоопкерчилигин түшүнүүсүнө жана жүрүм-турумунун өзгөртүүсүнө жардам берет, ошондуктан бул программалар үй-бүлөлүк зомбулукту чечүүдөгү эффективдүү системанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ошол эле маалда мындай иш аракеттер олуттуу натыйжа берүү үчүн бардык кызыкдар тараптардын макулдашылган жана биргелешкен аракеттерин талап кылат.

Дүйнөлүк тажрыйба мындай программаларды ишке ашыруунун ар кандай моделдерин көрсөтүп келет. Алар мамлекеттик мекемелер тарабынан – мисалы, укук коргоо органдары, социалдык камсыздоо кызматтары жана пенитенциардык мекемелер тарабынан, ошондой эле мамлекеттик же эл аралык колдоо менен же өз алдынча ресурстар аркылуу коомдук эмес уюмдар тарабынан да ишке ашырылышы мүмкүн. Бул программаларга катышуу форматы милдеттүү же ыктыярдуу деп конкреттүү өлкөнүн мыйзамдарына жана иштеп жаткан тажрыйбасына жараша айырмаланат.

Кыргызстан үчүн агрессорлор/зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларын киргизүү — үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүн чечүүдөгү жаңы этап болуп саналат. Бул жаңычыл ыкма алдын алуу, реабилитация жана социалдык кайра интеграцияны айкалыштырган комплекстүү системага өтүүнү билдирет жана бул багыттагы заманбап эл аралык стандарттарга жооп берет. Оңдоп-түзөө программаларын ийгиликтүү ишке ашыруу башка субъекттер менен эффективдүү өз ара аракеттенүүнү талап кылат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдагы №390 токтому менен «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби» бекитилген. Мындан тышкары, ыктыярдуу же милдеттүү негизде (милициянын жолдомосу менен) программаларды ишке ашырып жаткан мамлекеттик эмес кризистик борборлор бар. Алар аялдар жана эркектер менен өз-өзүнчө сабактарды өткөрүшөт. Бул ушул сыяктуу программаларды ишке ашырууга катышкан бейөкмөт түзүмдөрдүн бар экендигин көрсөтөт.

[27] The World's Women 2015, Trends and Statistics, United Nations Economic and Social Affairs, 2015.– chapter 6. https://unstats.un.org/unsd/gender/downloads/worldswomen2015_report.pdf

# V. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

**Кыргызстан адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарды сыйлоого өзүнүн туруктуулугун көрсөткөн** жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү менен байланышкан бир катар маанилүү эл аралык документтерди ратификациялаган. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- Бириккен Улуттар Уюмунун аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциясы[28] (CEDAW), бул мамлекеттик органдарды аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн, анын ичинде зомбулукту жоюуга багытталган бардык тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттендирет.
- Пекин декларациясы жана Иш-аракеттер платформасы[29] юридикалык жактан милдеттүү келишим эмес, бирок гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, анын ичинде зомбулукка каршы күрөшүү боюнча глобалдык күн тартибин белгилейт.
- 2024-жылдын 29-февралында Кыргызстан Эл аралык эмгек уюмунун жумуш ордундагы зордук-зомбулукту жана куугунтуктоону жоюу боюнча №190 конвенциясына[30].

Кыргызстан аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө Европа Кеңешинин Конвенциясын[31] (Стамбул конвенциясы) ратификациялай электигин белгилей кетүү маанилүү. Бул конвенция алдын алууну, коргоону, соттук жараянды жана комплекстүү саясатты камтыган толук жана кеңири негизди сунуштайт, анын ичинде зомбулук жасагандарга арналган программалар боюнча так жоболорду (16-берене) камтыйт[32]. Кыргызстан Стамбул конвенциясын ратификацияламагандыктан, мыйзамдардагы карама-каршылыктарга, ар бир тиешелүү ведомствонун ролунун так аныкталбашына, ведомстволор аралык координациянын жетишсиздигине, каржылоо, отчет берүү, баалоо жана мониторинг системаларынын жетишсиздигине алып келиши мүмкүн.

Ошондой эле 2022-жылы жарык көргөн «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө жана аны эрте алдын алуу боюнча аймактык колдонмо: Чыгыш өнөктөштүк аймагы»)[33] жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө жаатындагы Европалык тармактын стандарттары (WWP EN) бар. Бул стандарттар атайын жарандык коомдук уюмдар тарабынан иштелип чыгып, колдо-

[28] https://www.ohchr.org/en/instruments-mechanisms/instruments/convention-elimination-all-forms-discrimination-against-women

[29] www.unwomen.org/sites/default/files/Headquarters/Attachments/Sections/CSW/BPA_R_FINAL_WEB.pdf

[30] https://www.ilo.org/ru/media/401541/download

[31] Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин конвенциясы (Стамбул конвенциясы) — аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы багытталган Европа Кеңешинин эл аралык макулдашуусу. https://assembly.coe.int/LifeRay/EGA/WomenFFViolence/2019/2019-HandbookIstanbulConvention-RU.pdf

[32] Стамбул конвенциясы (2011-жыл), 16-берене, CETS №210 — Council of Europe Convention on preventing and combating violence against women and domestic violence. https://rm.coe.int/16806b0687

[33] Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө жана анын алдын алуу боюнча региондук колдонмо: Чыгыш өнөктөштүк аймагы. Сандра Йованович Белотич, Мелисса Петранджело Скайя, Берта Валл. «ООН-Аялдар» жана БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду (ЮНФПА), 2022-жыл. http://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/https://belarus.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/unfpa_2022_reg_rukovodstvo_gbv.pdf

нулуп келет («Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө программалары үчүн стандарттарды иштеп чыгуу боюнча колдонмо», 2018-жыл)[34].

**Кыргызстанда мыйзамдык деңгээлде** үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу – бул зомбулукка түрткү болгон себептерди жана шарттарды жоюуга, зомбулукту токтотууга, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга жана жабырлануучуларды реабилитациялоого багытталган социалдык жана атайын чаралардын тутуму катары каралат[35]. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана андан коргоо – Кыргызстандын Конституциясында, кылмыш-жаза мыйзамдарында, улуттук саясаты менен стратегиялык алкактарында негизги принциптер катары бекемделген.

- ***Кыргыз Республикасынын Конституциясында***[36] мыйзам менен корголгон негизги адам укуктары белгиленген. Өлкөнүн конституциясына ылайык, эч ким жынысы боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес; эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (КР Конституциясынын 16-беренеси).
- Улуттук деңгээлдеги укуктук жоопчаралары үчүн негизги документ болуп ***Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»*** 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 6312 Мыйзамы саналат. Бул мыйзам 2024-жылы жапа чеккен тараптарды коргоону күчөтүү максатында олуттуу түрдө өркүндөтүлгөн. Анын алкагында ички иштер органдарынын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн, ошондой эле сот бийлигинин үй-бүлөлүк зомбулукка карата ыкчам жана координацияланган аракет көрүүсү камсыздалган. Мыйзамга жабырлануучулар үчүн коргоо ордерлерин берүү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарды мажбурлап оңдоп-түзөө (коррекциялык) программасынан өткөрүү боюнча ченемдер киргизилген. Ошондой эле аталган мыйзамда үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана андан коргоо боюнча жоопкерчиликти алып жүргөн 17 мамлекеттик орган (субъект) көрсөтүлүп, булар институционалдык механизмдин негизин түзөт.
- ***Кылмыш-жаза кодекси жана Укук бузуулар жөнүндө кодекс*** укук бузуулардын алдын алуунун максаттарын жана милдеттерин аныктап, үй-бүлөлүк, жыныстык жана гендердик зомбулукка7 каршы күрөшүүгө багытталган конкреттүү жоболорду камтыйт. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине 71-1-берене кошулган, анда мындай деп көрсөтүлгөн: «Зомбулук көрсөткөн жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөө программасынан өтүү сот тарабынан дайындалат, эгерде адам ушул Кодекстин 177-беренеси (Үй-бүлөлүк зомбулук) боюнча кылмыш жасаган болсо». Ал эми «Укук бузуулар жөнүндө кодексте» өзгөчө мааниге ээ болгон беренелер — 70-берене (Үй-бүлөлүк зомбулук), 71-берене (Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо) жана 72-берене (Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөө программасынан өтүүдөн баш тартуусу)[37].
- Маанилүү документтердин бири — ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» токтому***[38], ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

---

[34] Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча Европа тармагы, Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө программалары үчүн стандарттарды иштеп чыгуу боюнча колдонмо (WWP EN, 2018 г.). https://stopstalkerware.org/ru/partners/european-network-for-the-work-with-perpetrators-of-domestic-violence-wwp-en

[35] Маматазизова Н. К. «Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда ички иштер органдарынын ролу» // Академиялык пикир, 2017, №1, б. 12–16.

[36] 2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы N 218 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

[37] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/34

[38] www.mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2023/02/informacziya-o-realizaczii-zakona-ob-ohrane-i-zashhite-ot-semejnogo-nasiliya-na-ruuskom.pdf

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби.
- Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдарга укуктук, социалдык, медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү тартиби.8
- Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн зомбулук мүнөзүндөгү жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган үлгүлүк оңдоп-түзөө программасы8.

2020-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча кечиктирилгис иш-чаралар планы»[39] сыяктуу кошумча программалык документтер конкреттүү милдеттерди аныктайт. Алардын ичинде Кылмыш-процессуалдык кодексине үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарды 48 саатка камоо тартибин киргизүү, ошондой эле ар кандай мамлекеттик органдар үчүн (Жогорку сот, Башкы прокуратура, Ички иштер министрлиги, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги) үй-бүлөлүк зомбулук учурларында токтотуу, документтештирүү, жазык жана жоруктар жөнүндө мыйзамдарды колдонуу, ошондой эле оңдоп-түзөө программаларынан өтүү боюнча иш-аракеттердин бирдиктүү алгоритмин иштеп чыгуу жана бекитүү.

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу максатында, 2020-жылдын 15-январында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Аялдар жана гендердик өнүгүү боюнча улуттук кеңеш тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди (ҮЗСКЖК) түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Бул комитеттер — үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатындагы мыйзамдардын субъекттери болгон мамлекеттик органдардын, жергиликтүү жамаат мүчөлөрүнүн жана коомдук эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн турган коомдук башталыштагы туруктуу иш алып баруучу коллегиалдуу орган болуп саналат. Анын негизги максаты үй-бүлөлүк зомбулуктун, аялдар менен кыздардын үй-бүлө ичиндеги укуктарынын бузулушунун алдын алууга көмөктөшүү болуп эсептелет. 2020-жылдын 13-мартында Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жөнүндө типтүү жобо[40] иштелип чыгып, бекитилген.

Мындан тышкары, ***Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча нускама***[41] да иштелип чыккан. Бул нускама Укук бузуулар жөнүндө кодексине, «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө», «Ички иштер органдары жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасында укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» мыйзамдарына ылайык даярдалган.

[39] www.gov.kg/ru/post/s/plan-srochnykh-meropriyatiy-po-predotvrashcheniyu-semeynogo-nasiliya-v-kyrgyzskoy-respublike

[40] https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2022/07/rukovodstvo-dlya-mk-russk.pdf

[41] КР ИИМдин №62 буйругунун 1-тиркемеси, 27.01.2022-ж.

# VI. НЕГИЗГИ БАЙКООЛОР ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАР

## o КЫРГЫЗСТАНДА ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН БАШТАЛЫШЫ

Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн жүрүм-турумду оңдоого багытталган программаларды ишке ашырууга болгон алгачкы аракеттер 2009-жылы башталган. Бул иш-аракеттер Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен «Сорос-Кыргызстан» фонду демилгелеген «Аялдарды зомбуluктан социалдык-укуктук коргоону камсыздоо жана механизмдерин иштеп чыгуу» аттуу пилоттук долбоордун алкагында жүргүзүлгөн. Мындай иштин зарылдыгы 2003-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» Мыйзамынын аткарылышына жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө ырасталган. Мониторингдин жыйынтыгына ылайык, адистердин басымдуу бөлүгү агрессорлор менен социалдык-тарбиялык иш жүргүзүүнү үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун негизги багыты катары белгилешкен. Программанын практикалык жүзөгө ашырылышы 2009-жылдын июль-декабрь айларында «Шанс» жана «Сезим» кризистик борборлорунун адистери тарабынан ишке ашырылып, алар Зыянды азайтуу ассоциациясы жана «Матрица» коомдук фонду менен кызматташкан

2009-жылдын май айында Стефан Баторий атындагы фонддун (Польша) эксперттери тарабынан Литванын Теңчиликти илгерилетүү борборунун жана Эне-бала пансионунун адистери менен биргеликте, "Сорос-Кыргызстан" фондунун колдоосу менен тааныштыруу семинары өткөрүлгөн. Иш-чарага Кризистик борборлор ассоциациясынын өкүлдөрү, гендердик зомбулук маселеси менен алектенген аялдар уюмдарынын лидерлери, ошондой эле өлкөнүн жогорку окуу жайларынын психология факультеттеринин окутуучулары катышкан. Оңдоп-түзөө программасын киргизүүгө даярдык көрүү алкагында 16 жетекчи адис-инструктор (алардын ичинен 11и "Сезим" кризистик борборунан жана 5и "Шанс" кризистик борборунан) даярдалып, алар кийин үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар менен консультациялык жана оңдоп-түзөө иштерин жүргүзгөн. Агрессорлор менен практикалык иш алып барууда негизги методологиялык документ катары 2009-жылы эксперттер Дариуш Сковроньски (Алишеров) жана Агата Скорупски тарабынан иштелип чыккан «Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн интервенциялык программа» колдонулган[42].

Кыргызстанда оңдоп-түзөө программасын иштеп чыгуу учурунда негиз катары төмөнкү эки модель алынган:

1. «Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн интервенциялык программа» модели Стефан Баторий фондунун эксперттери Дариуш Сковроньски (Польша) жана Агата Скорупска (Литва) тарабынан иштелип чыккан. Бул польша модели өз кезегинде Polish American Association, Chicago USA Partner Abuse Intervention курстарынын негизинде даярдалган.

2. «Education Groups For Men Who Batter – The Duluth Model» [43], же болбосо Дулут модели[44] (же «ийлик жана көзөмөл модели) – когнитивдик – жүрүм-турумдук терапияга (КЖТ) негизделген ыкма болуп эсептелет. Бул модель зомбулук жасаган адамдардын гана эмес, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучулары менен иштөөнү да камтыйт.

[42] Эл аралык жана улуттук тажрыйбаларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Ички иштер министрлигинин «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган типтүү оңдоп-түзөө программасын» ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга жасалган сереп, 2022-ж.

[43] https://ru.qaz.wiki/wiki/Duluth_model

[44] Дулут модели үй-бүлөдөгү зомбулук агрессордун тандоосу деп эсептейт, ал өзү зордук-зомбулук менен өнөктөшүн башкарууну каалайт.

Ошентип, 2009–2016-жылдар аралыгында Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программасын ишке киргизүү боюнча маанилүү иштер жүргүзүлгөн. Мыйзамдык база жана мамлекеттик же муниципалдык органдардын расмий ыйгарым укуктары жок болсо да, бул программа эл аралык уюмдардын: Freedom House, БУУ агенттиктери (ПРООН жана ЮНФПА), Фридрих Эберт фонду — жана жергиликтүү коомдук эмес уюмдардын (КЭУ) колдоосу менен ыктыярдуу негизде ийгиликтүү ишке ашырылган. Бул жети жылдык ишмердүүлүк Кыргызстанда оңдоп-түзөө ишин жүргүзүү системасынын калыптанышында маанилүү этап болуп, анын натыйжалуулугун жана мыйзам аркылуу бекитүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Жыйналган тажрыйба үй-бүлөлүк зомбулукка каршы мамлекеттик саясат алкагында бул багытты өнүктүрүүгө негиз болуп берди.

2017-жылы Кыргызстанда “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзам жаңыланып, ал бир катар прогрессивдүү жоболорду камтыган. Бирок бул жоболор бүгүнкү күнгө чейин толук түрдө практикалык деңгээлде колдонууга киргизиле элек. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын зомбулукка негизделген жүрүм-турумун өзгөртүүгө багытталган оңдоп-түзөө программасы расмий түрдө 2019-жылы ишке киргизилген. Бул Мыйзамды ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтому менен Типтүү оңдоп-түзөө программа иштелип чыккан. Ал агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар менен иштөөдө жалпыга бирдей стандарттарды белгилеген. Бул программа эки негизги компоненттен турат:

| Милдеттүү программа | Ыктыярдуу программа |
| --- | --- |
| Бул компонент убактылуу коргоо ордеринин 30 күндүк мөөнөтүнүн ичинде программанын өтүшүн камсыз кылуу үчүн арналган жана жалпысы 16 сааттык топтук жана жеке сессияларды камтыйт. Программа зомбулук көрсөткөн аялдарга да, эркектерге да бирдей иштелип чыккан жана 4 жума ичинде өткөрүлгөн 4 сессиядан турат: 2 жеке жана 2 топтук сессия. | Бул компонент психологиялык жана инсан аралык мамилелерге байланышкан кеңири темаларды камтыйт жана төмөнкүлөрдөн турат:<br>Зомбулук көрсөткөн эркектер үчүн: 2 жекече жана 24 топтук жолугушуу, жумасына 1 жолу өткөрүлүп, жалпысы 6 айга созулат.<br>Зомбулук көрсөткөн аялдар үчүн: 2 жекече жана 16 топтук сабак, 4 айдын ичинде өткөрүлөт.<br>Программанын ыктыярдуу мүнөзү зордук-зомбулук жүрүм-турумунун негизги себептерин жоюу боюнча иштерди аткарууга мүмкүндүк берет. |

Типтүү оңдоп-түзөө программасы ар түрдүү зомбулуктун формаларын түшүнүү үчүн темаларды камтыган ар тараптуу окуу мазмунун сунуштаса да, аны ишке ашырууда бир катар практикалык чектөөлөр бар. **Милдеттүү компонент 30 күнгө берилген коргоо ордеринин мөөнөтү ичинде болгону 16 саат** менен чектелет. Бул өтө кыска мөөнөт программанын натыйжалуулугуна жана жүрүм-турумдун туруктуу өзгөрүүсүнө жетишүүдө программанын натыйжалуулугу жөнүндө олуттуу суроолорду жаратат. Көпчүлүк учурда зомбулуктуу жүрүм-турум терең тамырлашкан болуп, узак жана интенсивдүү кийлигишүүнү талап кылат, ал эми 16 саат ичинде мындай натыйжага жетүү мүмкүн эмес. Оңдоп-түзөө ишин эки жетекчи (эркек жана аял) алып барышы керек. Бул – өнөктөштүк, кызматташтык жана өз ара урматтоону чагылдырган үлгү болушу зарыл. Айрыкча, үй-бүлөлүк зомбулуктун көбү (90%дан ашыгы) эркектер тарабынан жасалаары эске алынса, эркектер менен иштөөдө негизги ролду эркек фасилитатор аткарышы шарт.

**Ыктыярдуу компонент мазмуну жагынан тереңирээк, бирок ал милдеттүү эмес** болгондуктан, ага катышуу толугу менен агрессордун/зомбулук жасаган адамдын каалоосуна көз каранды. Тилекке каршы, бул каалоо көп учурда төмөн болуп, күчтүү тышкы мажбурлоону (түрткүнү) же мотивацияны талап кылат. **Эгерде милдеттүү компонент эффективдүү болуу үчүн өтө кыска болуп калса, ал эми ыктыярдуу компонент жетиштүү деңгээлде колдонулбаса, анда зомбулуктун кайталоо ыктымалдыгын азайтуу жана зомбулуктун айлампасын (циклин) үзүү боюнча жалпы таасири өтө эле чектелүү болуп калат**.

2024-жылдагы мыйзамдарга киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар соттун чечими менен **милдеттүү түрдө оңдоп-түзөө программасынан өтүүгө** жөнөтүлөт. Бул учурда катышуучулардан активдүү катышуу, эрежелерди так сактоо жана өлчөнө турган натыйжаларга жетишүү талап кылынат. Программа катышуучунун тандоосу боюнча кыргыз же орус тилинде жүргүзүлөт. Психикалык бузулуулары бар же ар кандай көз карандылыгы бар адамдарга адистештирилген терапиянын негизги курсун аяктагандан кийин гана катышууга уруксат берилет.

2019-жылдын 25-октябрында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүгүү министрлиги (азыркы ЭСКММ) менен Ички иштер министрлигинин ортосундагы «Нускаманы бекитүү жөнүндө» биргелешкен буйрук кабыл алынган, буйруктун негизги максаттарынын бири болуп эки министрликтин жергиликтүү деңгээлинде оңдоп-түзөө программасын уюштурууда ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн тартибин белгилөө болгон. 2020-жылы Бишкек шаарынын Октябрь районунун акиминин жана Октябрь РИИБнин башчысынын биргелешкен буйругу менен Октябрь райондук ички иштер башкармалыгынын жана Октябрь райондук ички иштер бөлүмүнүн базасында райондук кызматтардын өкүлдөрүнөн жана психологдордон турган жумушчу топ түзүлүп[45], оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү үчүн кабинеттер уюштурулган. 2022-жылдын сентябрь айында үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча түрдүү түзүмдөрдүн тажрыйбасын үйрөнүү максатында, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринен, социалдык кызматкерден жана психологдон турган жумушчу топ Ландау жана Майнц (Германия Федеративдик Республикасы) шаарларына таанышуу сапарына катышты[46].

2020-жылы Кризистик борборлор ассоциациясы (КБА) ЮНФПА уюмунун колдоосу менен оңдоп-түзөө программасынын алып баруучулары үчүн методикалык колдонмо иштеп чыккан. Бул колдонмо 2021-жылы тренинг учурунда апробациядан өткөрүлгөн. Методикалык колдонмо Стефан Батори Фондунун Дариуш Сковронски (Польша) жана Агата Скорупска (Литва) тарабынан иштелип чыккан «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн интервенциялык программа» моделинин негизинде түзүлгөн. Баалоо өткөрүлүп жаткан учурда бул методикалык колдонмонун долбоору дагы иштелип чыгып, ыйгарым укуктуу органдар менен макулдашуу этабында турган.

## ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ НЕГИЗГИ КАТЫШУУЧУЛАР ЖАНА АЛАРДЫН РОЛДОРУ

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык, **Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ)** – үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча чараларды координациялоочу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган. Министрлик бардык тий-

[45] Эл аралык жана улуттук тажрыйбаларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Ички иштер министрлигинин «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган типтүү оңдоп-түзөө программасын» ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга жасалган сереп. КР ЭСКММдин буюртмасы менен, ОБСЕнин Бишкектеги программалык кеңсесинин колдоосу алдында. 2022-жыл.

[46] https://kyrgyzstan.fes.de/ru/novosti/odara-cities-without-violence.html?utm_source=chatgpt.com

иштүү тараптардын аракеттерин, анын ичинде оңдоп-түзөө программаларынын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууну координациялоого жоопту. 2022-жылы ЭСКММ жана ИИМ тарабынан типтүү оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу боюнча жүргүзүлгөн улуттук практика жана нормативдик-укуктук актыларды талдоо (сереп)[47] көрсөткөндөй, социалдык камсыздоонун аймактык бөлүмдөрү бул программаларды жүзөгө ашырууга дээрлик катышкан эмес[48]. Ошондой эле, жүргүзүлгөн талдоодо (серепте) ЭСКММ жөнүндө Жобого ылайык, министрликтин негизги милдети оор турмуштук кырдаалда калган балдар менен үй-бүлөлөрдү социалдык жактан коргоо жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам берүү экендиги белгиленген. Бирок, бул Жободо оңдоп-түзөө программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функциялар каралган эмес. 2023-жылы 24.kg интернет басылмасы ЭСКММнин бул мандатты толук кандуу аткара албастыгы тууралуу билдирүүсүн жарыялаган. Билдирүүгө ылайык, бул жагдайдын негизги себептери катары каржы булактарынын жетишсиздиги, квалификациялуу кадрлардын (психологдордун) тартыштыгы жана ылайыктуу имараттардын жоктугу көрсөтүлгөн[49].

ЭСКММдин **кризистик борборлорун жана коммерциялык эмес уюмдарды (КЭУ)** үй-бүлөлүк зомбулук кылган адамдар үчүн түзүлгөн оңдо-түзөө программаларын ишке ашыруу үчүн тартуу практикасы зомбулукка каршы программаларды өнүктүрүү жана институтташтыруу үчүн маанилүү механизм болуп саналат. Бул министрлик мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) жөнүндөгү жаңы редакция кабыл алынышы менен башталган. 2018-жылдан баштап МСЗнын приоритеттүү темаларынын тизмесине оңдо-түзөө программалары да киргизилди. Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жана кыз-келиндерге жардам көрсөткөн 19 кризистик борбор бар, алардын ичинен 8и зомбулукка кабылган жабырлануучулар үчүн башпааналарды сунуштайт. Бишкек шаарындагы «Аялзат» борбору — бул муниципалдык борбор болуп, ал 50 орунга эсептелген аялдар жана балдар үчүн жардам көрсөтөт. Бул борборлордун көпчүлүгүнүн ишмердүүлүгү эл аралык донорлордун каржылоосу же ЭСКММ аркылуу мамлекеттик социалдык заказ механизми менен колдоого алынат.

2019-жылдан 2023-жылга чейин ЭСКММ Кыргызстанда жыл сайын кризистик борборлорго жана КЭУларга мамлекеттик социалдык заказ алуу боюнча конкурс өткөрүү аркылуу колдоо көрсөтүп келген. 2021-жылы 5 кризистик борбор[50] 1 547 376 сомго оңдо-түзөө программасын жүзөгө ашыруу үчүн финансылык колдоо алышкан, анын ичинде Бишкектеги «Шанс» жана «Сезим» борборлору бар, алар Литва жана Польшанын[51] тажрыйбаларына негизделген пилоттук программаларды биринчи болуп ишке ашырышкан. Андан соң, 2022-жылы ЭСКММ МСЗнын алкагында оңдо-түзөө программасына 1 264 000 сом бөлүүнү пландаган, ал эми 2023-жылы — 1 894 000 сом[52]. бөлүү каралган. ЭСКММнин маалыматына ылайык, ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесинин өтүнүчү менен берилген маалыматтар боюнча, 2019-2023-жылдар аралыгында 625 адам оңдо-түзөө программасын ийгиликтүү аяктаган:

[47] Эл аралык жана улуттук тажрыйбаларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Ички иштер министрлигинин «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган типтүү оңдоп-түзөө программасын» ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга жасалган сереп. КР ЭСКММдин буюртмасы менен, ОБСЕнин Бишкектеги программалык кеңсесинин колдоосу алдында. 2022-жыл.

[48] 2022-жылдын март айында кабыл алынган ЭСКММнын аймактык түзүмдөрү боюнча жободон оңдо-түзөө программаларын ишке ашырууга катышуу талабы алынып салынган.


[49] https://24.kg/obschestvo/265767_upravlenie_gnevom_ili_kak_vkyirgyizstane_perevospityivayut_domashnih_tiranov/

[50] Каракол шаарындагы Ысык-Көл облусунда жайгашкан «Мээрман» КЭУ жана «Аялзат» КЭУ; Нарын шаарындагы «Тендеш» кризистик борбору; Ош шаарындагы «Ак-Жүрөк» кризистик борбору жана Бишкек шаарындагы «Шанс» кризистик борбору

[51] Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларына сереп , https://www.osce.org/files/f/documents/1/3/576330.pdf

[52] https://mlsp.gov.kg/ru/gosudarstvennyj-sotsialnyj-zakaz/

Оңдо-түзөө программасын аяктаган адамдардын саны (МСЗнын алкагында)




**Ички иштер министрлиги (ИИМ)** үй-бүлөлүк зомбулукка ыкчам чара көрүүдө негизги роль ойнойт. Бул зомбулук учурларын каттоо жана убактылуу коргоо ордерлерин берүү иш-аракеттерин да камтыйт[53]. Ошондой эле, ИИМ үй-бүлөлүк зомбулукка макулдашылган түрдө чара көрүү үчүн «Иш-аракеттердин бирдиктүү алгоритмин»[54] иштеп чыгууга да катышат. Ички иштер органдары (ИИО) ар бир

[53] Каракол шаарындагы Ысык-Көл облусунда жайгашкан «Мээрман» КЭУ жана «Аялзат» КЭУ; Нарын шаарындагы «Теңдеш» кризистик борбору; Ош шаарындагы «Ак-Жүрөк» кризистик борбору жана Бишкек шаарындагы «Шанс» кризистик борбору.

[54] Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларына сереп , https://www.osce.org/files/f/documents/1/3/576330.pdf

жарандын үй-бүлөлүк зомбулук фактылары тууралуу арызына чара көрүүгө милдеттүү, ошондой эле алдын алуу жана токтотуу максатында коргоо ордерлерин берүү аркылуу иш жүргүзүшү керек. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча коргоо ордерлеринин санынын өсүшү ИИО тарабынан реакциянын жакшырганын көрсөтөт. Ошол эле учурда, расмий кайрылуулардын статистикасы дагы деле төмөн бойдон калууда, бул укук коргоо жана сот системаларынын гендердик сезимталдыгынын жетишсиздигине байланыштуу. Ошондой эле, чоң көйгөйлөрдүн бири коргоо ордерлеринин аткарылышын көзөмөлдөөнүн жоктугу. Себеби, зомбулуктун кайра кайталанышын алдын алуу боюнча ордерлердин таасирин көзөмөлдөп туруучу тутум азырынча түзүлгөн эмес.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаменти**[55] жана жазык-аткаруу тутуму зомбулук жасаган адамдар менен системдүү иш алып баруу үчүн негизги мамлекеттик катышуучулар катары таанылган. 2024-жылы Жогорку Кеңеш үй-бүлөлүк зомбулук маселелерин жөнгө салуучу ЧУАга өзгөртүүлөрдү кабыл алып, **оңдоп-түзөө программалары боюнча милдеттерди расмий түрдө Пробация департаментине** өткөрүп берди. Натыйжада, методология иштелип чыгып, укуктук

[55] https://mlsp.gov.kg/ru/gosudarstvennyj-sotsialnyj-zakaz/

**3-сүрөт**. «Пробация» АМТ



негиздер түзүлүүдө. Азыркы тапта Пробация департаменти оңдоп-түзөө программасы боюнча ишмердүүлүгүн системалаштыруу багытында иш жүргүзүп жатат жана ошол эле учурда автоматташтырылган маалымат тутуму — «Пробация» АМТ (3-сүрөттү кара) боюнча иштерди бүтүрүү стадиясында турат. Бул тутум келечекте оңдоп-түзөө программасынын алкагында көрсөтүлүүчү кызматтарга мониторинг жүргүзүүнү жакшыртууга тийиш.

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык **жергиликтүү деңгээлде субъекттердин ишин координациялоо жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга (ЖМА) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (ЖӨБ)**[56] жүктөлгөн. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» Мыйзамы да ЖӨБны жер-жерлерде укук бузуулардын алдын алуу субъекттерин координациялоону гана эмес, бул максаттарга финансы каражаттарын бөлүүнү да милдеттендирет.

Кыргызстандын бардык аймактарында **үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча жергиликтүү комитеттер** (ҮЗАЖК) түзүлүп, ишке ашырылууда[57]. Алардын жергиликтүү деңгээлдеги негизги милдеттерине жарандардын кайрылуулары менен иштөө (укуктук, психологиялык, маалыматтык колдоо көрсөтүү), үй-бүлөлүк зомбулук (анын ичинде ала качуу жана эрте никеге туруу) боюнча кырдаалга мониторинг жүргүзүү, калкка маалымдоо, ошондой эле жергиликтүү алдын алуу иш-чараларын пландаштыруу жана талдоо кирет.

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамда жана КР Өкмөтүнүн №390 токтомунда белгиленген **башка негизги катышуучулар** да бар. Бул көп секторлуу мамилени баса белгилейт. Алар: Министрлер кабинети, сот органдары, прокуратура, саламаттыкты сактоо органдары, билим берүү мекемелери, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Акыйкатчы (Омбудсмен), адвокатура, аксакалдар соттору жана массалык маалымат каражаттары.

**Кыргызстандын Өкмөтүнө оңдоп-түзөө программасын ишке ашырууда эл аралык уюмдар/программалар/долбоорлор тарабынан туруктуу түрдө көмөк көрсөтүлүп келет.** Бул колдоо техникалык жардам көрсөтүү, усулдук камсыздоо, мамлекеттик кызматтардын потенциалын жогорулатуу жана башка ушул сыяктуу багыттарды камтыйт:

- Фридрих Эберт атындагы фонддун колдоосу менен 2020-жылдан бери Бишкек шаарында, андан соң Ош облусунда жана Ош шаарында ODARA долбоору ишке ашырылып келет. ODARA долбоору зомбулуктун кайталаныш коркунучун баалоону жана агрессорлор үчүн оңдо-түзөө программаларын жүргүзүүнү камтыйт[58].

[56] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/34


[57] Учурда түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топ (ВАЖТ) оңдоп-түзөө программасы боюнча колдонуудагы ЧУАга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, ага байланыштуу «Иш-аракеттердин бирдиктүү алгоритми» жаңыланат.

[58] Тобокелдиктерди баалоо (ODARA) – бул белгилүү бир кырдаалда коркунучтун деңгээлин аныктоо жана баалоо процесси. Үй-бүлөдөгү зомбулук учурларында мындай зомбулуктун кайталанышы жана күчөшү, ошондой эле өлүмгө алып келүүчү ыктымалдыгы бааланат https://kyrgyzstan.fes.de/ru/novosti/odara-cities-without-violence.html

**1-фото сүрөт.** Кызыл-Кыя шаарындагы ОВД кызматкерлери үчүн ODARA баалоосу боюнча тренинг



Ондоп-түзөө программасынан өткөн адамдардын саны (Фридрих Эберт атындагы фонддун колдоосу менен)




- 2021-жылы 300дөн ашуун ИИБ кызматкерлери, Бишкек шаарынын Социалдык өнүгүү башкармалыгынын 40ка жакын кызматкери жана муниципалдык «Аялзат» кризистик борборунун өкүлдөрү ODARA сурамжылоосун толтуруунун жол-жобосу боюнча окутуудан өтүшкөн. Ошондой эле, Бишкек шаарынын ИИББнин тышкы кызматтарынын (УМИ, ЖИИ ж.б.) болжол менен 930 кызматкерине ODARA сурамжылоосу тууралуу жалпы маалымат берилген. Мындан тышкары, Бишкек шаарындагы 8 психолог ондоп-түзөө программасын жүргүзүү боюнча даярдыктан өтүшкөн.
- 2022-жылы ушундай эле иштер Ош шаары жана Ош облусу боюнча жумушчу топ тарабынан жүргүзүлгөн. Ош шаары жана Ош облусунан тандалып алынган 16 психолог ондоп-түзөө программасын жүргүзүү боюнча окутуудан өтүшкөн.
- 2023-жылы Ысык-Көл облусуна 14 инструктор даярдалган, ал эми 2024-жылы Баткен облусунда 16 инструктор окутулган.
- Фридрих Эберт атындагы фонддун колдоосу менен жергиликтүү инструкторлор үй-бүлөлүк зомбулук жасаган 638 адам менен ондоп-түзөө сабактарын өткөрүшкөн:
- 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өтүнүчү боюнча Бишкек шаарындагы ЕККУнун программалык кеңсеси үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумду өзгөртүү боюнча «Типтүү ондоп-түзөө программасын» ишке ашырууда ЭСКММ менен ИИМдин ишмердүүлүгүн жөнгө салган эл аралык жана улуттук тажрыйбаларды, ошондой эле ченемдик-укуктук актыларды карап чыккан. Ошондой эле бул эки мамлекеттик мекеменин зомбулук жасагандар менен жүргүзгөн ондоп-түзөө ишмердүүлүгүнө функционалдык анализ жүргүзүлгөн.
- 2023-жылдын май айында ЕККУнун программалык кеңсеси 14 жетектөөчүнү (жыныстык балансты эске алуу менен тандалган 7 жуп) даярдап, алар зомбулук жасаган адамдар менен иш алып баруучу квалификациялуу тренерлер болуп калышты.
- 2023–2024-жылдары Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсесинин колдоосу менен «Аялдарга жардам берүү борбору» коомдук уюмунун инструкторлору Талас, Нарын, Чүй, Ысык-Көл облустары менен Бишкек шаарында үй-бүлөлүк зомбулук жасаган 192 адамга ондоп-түзөө сабактарын өткөрүштү.
- ПРООНдун «Теңдик нуру» демилгеси агрессорлор үчүн программаларды ишке ашырууга Пробация департаментинин катышуусун күчөтүү максатында алардын кызматкерлерин окутууга жана методикалык материалдарды (мисалы, колдонмолорду иштеп чыгуу) даярдоого техникалык колдоо көрсөтүп келет. Ошондой эле БУУнун башка түзүмдөрүнүн программалары да көмөк көрсөтүп келишет: БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы (УВКПЧ), БУУнун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы (ЮНОДК), БУУнун Калктын саны жаатындагы фонду (ЮНФПА) жана башкалар.

## ОҢДОП-ТҮЗӨӨ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

### ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

- Агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программаларын милдеттендирген жана сүрөттөгөн укуктук базанын[59] болушу — бул кийлигишүүлөрдү ишке ашырууда укуктук негизди камсыз кылган негизги жетишкендик болуп саналат. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»[60] учурдагы Мыйзам жабырлануучуларды коргоо жагынан өркүндөтүлүп, ички иштер органдарынын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн жана сот органдарынын чара көрүү механизмдерин күчөткөн. Мыйзамдагы маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири — коргоо ордеринин мөөнөтү 30 күнгө чейин узартылган. Мындан тышкары, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн коргоо ордери берилген учурда оңдоп-түзөө программасынан өтүү милдеттүү түрдө мыйзамга киргизилген.
- 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №390 (2019-ж.) токтому кабыл алынып, анда типтүү оңдоп-түзөө программасы жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө өз ара аракеттенген 17 субъекттин ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүнүн тартиби бекитилген.
- 2019–2024-жылдар аралыгында оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу үчүн жоопту орган — Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ) болгон. Бул мезгил ичинде ЭСКММдин мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) алкагында, Фридрих Эберт фондунун жана Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсесинин колдоосу менен 1455 үй-бүлөлүк зомбулук жасаган күнөөлүү адам[61] оңдоп-түзөө программасынан өткөн.
- 2024-жылы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу милдети Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментине өткөрүлүп жүктөлгө. Ошондой эле 2024-жылы ЖАМК тарабынан зомбулук мүнөзүндөгү кылмыштар үчүн соттолгондорго арналган «Алакан» программасы ишке киргизилген.
- 2025-жылы Пробация департаментинин жетекчилиги алдында ведомстволор аралык жумушчу топ (ВЖТ) түзүлүп, ал мамлекеттик органдардын: ЭСКММ, ИИМ, соттор, ЖӨБ органдары, ошондой эле кризистик борборлор жана бейөкмөт уюмдардын аракеттерин координациялап, оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу боюнча 5 ченемдик-укуктук актыны (ЧУА) иштеп чыгууда: типтүү оңдоп-түзөө программасы, ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тартиби, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүү тартиби, тобокелдикти баалоо ыкмасы жана убактылуу коргоо ордеринин формасы.
- Мамлекеттик программаларды ишке ашыруудагы боштукту толтурууда КЭУлардын жана кризистик борборлордун активдүү ролу ийгиликтин негизги фактору болуп саналат. Алар эл аралык алдыңкы тажрыйбага негизделген пилоттук программаларды[62] иштеп чыгууга активдүү катышкан жана учурда мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ) аркылуу аз өлчөмдөгү каржылык колдоо алып, оңдоп-түзөө программасы боюнча маанилүү кызматтарды көрсөтүүнү улантып келишет. Жалпысынан 8 кризистик

[59] https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2023/02/informacziya-o-realizaczii-zakona-ob-ohrane-i-zashhite-ot-semejnogo-nasiliya-na-ruuskom.pdf

[60] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» №63 Мыйзамы (2017-жыл). Беренелер: 11.1.7 жана 11.2.4.

[61] Жергиликтүү ЖКУлардын/кризистик борборлордун жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн отчетторуна ылайык

[62] https://www.osce.org/files/f/documents/1/3/576330.pdf

борбор оңдоп-түзөө сабактарын активдүү жүргүзүп, ага 50гө жакын атайын даярдыктан өткөн инструкторлор/жетекчилер тартылган. Алардын айтымында, программаларга катышкан үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарда оң өзгөрүүлөр байкалууда, агрессиянын төмөндөшү, жеке жоопкерчиликти түшүнүү жогорулаган.

Зомбулук жасаган агрессорлор/күнөөлүүлөр үчүн оңдоп-түзөө программасынын маанилүүлүгү жана актуалдуулугу баалоого катышкан бардык тараптар тарабынан белгиленген. Мындай программалар зомбулукка барган адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүүгө өбөлгө түзөрү айтылган. **Кризистик борборлор тарабынан зомбулук жасаган адамдар менен жүргүзүлгөн баалоо иш-чараларынын жыйынтыгында, катышкан эркектер үй-бүлөсүндөгү келишпестиктердин негизги себебин жубайларынын эмес, өздөрүнүн жүрүм-турумунан көрө баштаганы байкалган. Алар биринчи жолу өз эмоцияларын жана сезимдерин аң-сезимдүү түрдө көзөмөлдөөнү практикада колдонууга аракет кылышкан**. Бирок бул маалыматтар статистикалык көрсөткүчтөр менен тастыкталган эмес.

Бишкектеги ЕККУнун программалык кеңсеси, Фридрих Эберт фонду, БУУнун «Теңдик нуру» демилгеси жана Европа Биримдигинин колдоосу менен ишке ашырылган башка БУУнун долбоорлору сыяктуу эл аралык уюмдар жана демилгелер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга маанилүү техникалык жардам көрсөтүп, алардын потенциалын чыңдоого салым кошууда. Бул мамлекеттин активдүү катышуусу зарыл экенин жана агрессорлорду реабилитациялоо боюнча системалуу жакшыртуулар маанилүү экенин белгилейт.

***«...Эксперттердин бири үй-бүлөлүк зомбулук жасаган 10 миң адамга канча Оңдоп-түзөө программасынын жетекчи адиси керек болорун эсептеп чыгып, алардын эмгек акысы тууралуу маалымат берди. Анын эсебине ылайык, бир адам менен 1 саат иштөөнүн баасы 300 сом деп бааланган..»***

ЭСКММ жана ИИМ тарабынан Типтүү оңдоп-түзөө программасын аткарууга байланыштуу ишмердүүлүктү жөнгө салган тажрыйбалар жана ЧУА боюнча серептен алынган. 2022-ж.

***«Мен өзүмдүн эмоцияларымды көзөмөлдөөнү үйрөнүп жатам жана кыйкырганда үй-бүлөм коркуп калаарын түшүнө баштадым. Азыр болсо “токто” техникасын колдонуп же жөн гана сыртка чыгып таза аба жутуп, өзүмдү тынчтандырам».***

(оңдоп-түзөө программасына катышуучунун цитатасы, баалоого катышкан практик психологдордун бири келтирген цитата)

***«2009-жылдан бери оңдоп-түзөө программасынан өткөн 1 миң 324 эркек аялдарына карата зомбулукту токтотушкан».***

Елена Ткачёва

## КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

Оңдоп-түзөө программасын натыйжалуу ишке ашырууга эң олуттуу тоскоолдук — бул мамлекеттик органдардын каржылык жана административдик ресурстарынын чектелүү болушу. Айрыкча курч маселе катары социалдык кызматкерлердин жүктөмүнүн өтө жогору болушу жана зомбулуктан жабыркагандар менен иштөөнүн стандарттарынын жоктугу белгиленүүдө; оңдоп-түзөө программаларын өткөрүү үчүн ылайыктуу имараттардын тартыштыгы; программаны алып барган инструкторлордун/жетекчилердин ишине төлөнчү акынын аздыгы; ИИБдин жана ЭСКММдин

аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери бул ишмердүүлүк үчүн атайын бюджеттик камсыздоого ээ эместиги белгиленүүдө[63]. Жергиликтүү деңгээлде агрессорлор жана зомбулуктан жабыркаган үй-бүлөлөр менен жеке иш алып бара алган адистердин жетишсиздиги курч сезилүүдө.

- Психологдордун жетишсиздиги — дагы бир маанилүү көйгөй. Себеби мамлекеттик сектордо эмгек акынын аздыгынан улам көптөгөн психологдор жеке практикага кетүүгө аргасыз болушат. Ошондой эле эркек-агрессорлор менен иштөө үчүн эркек психологдорго жана аял-агрессорлор менен иштөө үчүн аял психологдорго болгон муктаждык кадрдык маселелерге кошумча татаалдыктарды жаратат[64].

- Учурдагы милдеттүү жана ыктыярдуу оңдоп-түзөө программаларынын узактыгы (30 күндөн 3 айга чейин чектелген) эксперттердин пикиринде катышуучулардын аң-сезимин жана жүрүм-турумун терең өзгөртүүгө жетиштүү эмес. Адистердин айтымында, адамдын баалуулукка болгон көз караштарын кайра карап чыгуу, жүрүм-турумдагы туруктуу үлгүлөрдү өзгөртүү жана коомдук стереотиптерден арылуу үчүн кыйла узагыраак убакыт талап кылынат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, жыйынтык бере турган оңдоп-түзөөнүн минималдуу мөөнөтү адатта, 6–12 айды түзөт.

- Ведомстволор аралык координациянын жетишсиздиги жана ролдордун так аныкталбагандыгы бардык респонденттер тарабынан туруктуу көйгөйлөрдүн бири катары белгиленген. Бул маселелер ыкчам жана макулдашылган чара көрүү системасын түзүүгө тоскоол болууда[65]. 2020-жылы ведомстволор аралык аракеттерди оптималдаштыруу үчүн «иш-аракеттердин бирдиктүү алгоритми»[66] иштелип чыкканына карабастан, аны бардык тиешелүү органдар тарабынан толук жана натыйжалуу ишке ашыруу азыркыга чейин көйгөй бойдон калууда.

- Программаларды ишке ашыруудагы жоопкерчиликти институционалдаштыруу маселеси өзгөчө курч маселе болуп калууда. Бул үчүн программанын методикасын иштеп чыгуудан тартып жыйынтыктарды мониторинг жүргүзүүгө чейинки процессти бирдиктүү координациялаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды же атайын адистештирилген уюмду так белгилөө талап кылынат. Ошондой эле оңдоп-түзөө программасын мамлекеттик кызматтардын тизмесине кошуп, аны узак мөөнөттүү, кепилденген каржылоо жана кесипкөйлүк менен коштолгон түрдө камсыздоо зарыл. Бул үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча механизмдин толук кандуу жана туруктуу иштешин камсыздайт.

- Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулуктун негизги жабырлануучулары аялдар болгондуктан, жабыркагандардын көбү жардам алуу үчүн кризистик борборлорго кайрылышат. Бүгүнкү күндө өлкөдө КЭУ тарабынан түзүлгөн мындай 19 борбор иштеп жатат, алардын ичинен болгону экөөсү, Бишкек шаарындагы «Аялзат» жана Нарын шаарындагы «Асылзат» муниципалдык макамга ээ. Бул мекемелер комплекстүү жардам көрсөтүшөт: медициналык, психологиялык жана укуктук колдоо, убактылуу башпаанек менен камсыздоо, ошондой эле зомбулукка жакын адамдар үчүн оңдоп-түзөө программаларын жүргүзүшөт. Бирок алардын ресурстары жардамга муктаж болгон бардык адамдарды толук камтууга жетишсиз болууда.

- Оңдоп-түзөө программасынын КЭУлар менен кризистик борборлорго көз

[63] https://24.kg/obschestvo/265767_upravlenie_gnevom_ili_kak_vkyirgyizstane_perevospityivayut_domashnih_tiranov/

[64] https://24.kg/obschestvo/265767_upravlenie_gnevom_ili_kak_vkyirgyizstane_perevospityivayut_domashnih_tiranov/

[65] https://24.kg/obschestvo/284035_ukyirgyizstana_est_vozmojnost_prervat_tsikl_nasiliya_chto_dlya_etogo_nado_sdelat/

[66] https://www.gov.kg/ru/post/s/plan-srochnykh-meropriyatiy-po-predotvrashcheniyu-semeynogo-nasiliya-v-kyrgyzskoy-respublike

карандылыгы бул программалар негизинен бөлүнүп-бөлүнүп ишке ашырылып жатканын билдирет жана бул, өзгөчө айыл жерлеринде же алыскы аймактарда жашаган агрессорлордун басымдуу бөлүгүн камтый албай жатат. Кризистик борборлор менен КЭУлар туруктуу эмес эл аралык донордук жардамга же мамлекеттик социалдык заказ аркылуу берилген каржылоого көз каранды болгондуктан, бул жагдай оңдоп-түзөө программаларынын туруктуулугуна, үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө жана кеңири масштабда жайылтылышына чоң тобокелдиктерди жаратат.

- Мыйзамга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуунун жана жабыркагандарды коргоонун негизги укуктук механизми — бул убактылуу коргоо ордери[67]. Бирок бул чара кыска мөөнөттүү коргоону гана камсыздайт. Акыркы мезгилде коргоо ордерлери көбүрөөк берилүүдө, бирок көптөгөн эксперттер бул ордердин таасири төмөн экенин белгилешүүдө, анткени алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, ордер үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун каражаты катары колдонулуп жатканда дагы башка көйгөйлөр пайда болууда. Маселен, ордер берилгенден кийин соттун чечими чыкканга чейин 70 күнгө чейин убакыт өтүшү мүмкүн. Бул убакыт аралыгында жабыркагандар дагы зомбулукка кабылуу коркунучу алдында турушат.

- Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин ***72-беренеси боюнча («Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөө программасынан өтүүдөн баш тартуусу»)*** ИИМдин расмий сайтындагы маалымат — «0» деп көрсөтүлгөн[68]. Бул көрсөткүч үй-бүлөлүк зомбулук фактылары жана берилген коргоо ордерлеринин (14362) саны өсүп жаткан шартта системалуу көйгөйдүн бар экендигине шек жаратат. Бул деген, агрессорлор программаларга багыттама алышпайт же программалар тийиштүү адамдарга үзгүлтүксүз сунушталбайт же болбосо милдеттүү программага баш ийбегендерге карата мониторинг жана чара көрүү системасы натыйжалуу иштебей жатат дегенди билдирет. Зомбулуктан жабыркагандар үчүн өзгөчө кооптуу жагдай, агрессорлорго коргоо ордери берилсе да, аларга программага өтүү тууралуу соттун чечими чыга элек учурларда жаралат. Мисалы, ИИМдин 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата маалыматына ылайык, 6400дөн ашуун коргоо ордерлер[69], берилген болсо, Пробация департаментинин сайты алты (6) гана агрессор оңдоп-түзөө программасына тартылганын көрсөтөт. Бул калган учурлардын 99,9%[70] керектүү психокоррекциялык иш-чарасыз калганын билдирет жана жабырлануучулар үчүн коркунуч туудурат.

- Баалоо үчүн берилген материалдарда жана маалыматтарда агрессорлор/зомбулук көрсөткөндөр канчалык деңгээлде оңдоп-түзөө программасынан өтүп, ийгиликтүү аякташканы боюнча так статистикалык маалыматтар жок. Расмий жеткиликтүү маалыматтар негизинен зордук-зомбулук учурларынын жана коргоо ордерлерин санына басым жасайт, бирок агрессорлор үчүн милдеттүү болгон оңдоп-түзөө компонентин көзөмөлдөө тууралуу маалымат жок. Мындай маалыматтын жоктугу агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программасынын мониторинг жана баалоо инфраструктурасында системалуу мүчүлүштүктөр бар экенин көрсөтөт.

- Пробация департаменти соттун чечиминин болушу менен байланышкан милдеттүү оңдоп-түзөө программасын гана аткарып жаткандыгы эксперттерди өзгөчө тынчсыздандырууда. Үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөн, бирок соттун чечими

[67] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы № 642 «Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө» токтому

[68] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/42

[69] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/47

[70] https://probation.minjust.gov.kg/ru

***«...Талаптарга ылайык, катышуучу Оңдоп-түзөө программасын (КП) бүткөндөн кийин мониторинг 18 ай бою жүргүзүлүшү керек (кеминде үч жолу жолугушуу өтүшү зарыл), бул контрактты түзүү учурунда белгиленет. Бирок ушул сурамжылоонун алкагында жетектөөчү адистер мониторинг жүргүзүлгөн жок деп айтышты, анткени бул иш үчүн каражат каралган эмес жана ишке ашырылган долбоорлор кыска мөөнөттүү болгон. Ошол эле учурда, бир жетектоочу адис оозеки түрдө мониторинг жүргүзүлгөнүн тастыктап, бул иштер катышуучулардын өнөктөштөрү менен, анын ичинде кризистик борборлор жана социалдык кызматкерлер аркылуу өз ара кызматташуу жолу менен жүргүзүлгөнүн билдирди»***

ЭСКММ жана ИИМ тарабынан Типтүү оңдоп-түзөө программасын аткарууга байланыштуу ишмердүүлүктү жөнгө салган тажрыйбалар жана ЧУА боюнча серептен алынган. 2022-ж.

жок адамдар үчүн ыктыярдуу оңдоп-түзөө программасы кандай тартипте жүрөрү, анын макамы кандай экени белгисиз бойдон калууда.

- Эксперттер жоопту түзүмдөр жана кызмат көрсөтүүчүлөр (кризистик борборлор жана КЭУ) тарабынан оңдоп-түзөө ишинин мониторинг жана баалоо системасынын бир тараптуу мүнөздө экенине өзгөчө тынчсызданыуусун билдиришти. Себеби учурда негизги көңүл агрессорлордун пикири менен жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөргө бурулуп, ал эми алардын курмандыктары (жубайлары жана балдары) зомбулуктун деңгээлин өзгөртүү боюнча баалоодо көп учурда көңүл сыртында калууда. Дүйнөлүк практикада ийгиликтүү оңдоп-түзөө программасы үч өз ара байланышкан компоненттен турушу керектиги белгиленет: эркектер үчүн программа, аялдар үчүн колдоо кызматы жана балдар үчүн колдоо кызматы. Бул үй-бүлө мүчөлөрүнө зомбулукка каршы комплекстүү жардам көрсөтүүгө шарт түзөт[71]. Ошондой эле программаны мониторинг кылууда жана натыйжаларын баалоодо бардык тараптардын пикирлери эске алынышы керек. Зомбулук көрсөткөн адамдын жакын чөйрөсүн оңдоп-түзөө программасынын ийгиликтүүлүгүн баалоого тартуу анын натыйжалуулугун аныктоодо объективдүүлүктү жогорулатат.
- Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы аракеттенүү системасына тартылган адистердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу зарылдыгын баалоого катышкан мамлекеттик органдардын жана жарандык сектордун өкүлдөрү бир добуштан белгилешти. Бул социалдык кызматкерлерге, участкалык инспекторлорго, ИИМ кызматкерлерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнө тиешелүү, аларга гендердик сезимталдык, аялдардын укуктарын коргоо жана оңдоп-түзөө программалары боюнча кошумча билимдер зарыл.
- Коомдо түптөлүп калган салттуу гендердик стереотиптер көбүнчө үй-бүлөлүк жаңжалдарды чечүүнү аныктап, зомбулукка негизделген өз ара мамилелер көпчүлүк учурларда үй-бүлөлөрдө кадимки көрүнүш катары кабыл алынып, муундан муунга өтүшү мүмкүн. Бул кеңири тараган социалдык контекст агрессорлордун жүрүм-турумун туруктуу өзгөртүүгө олуттуу тоскоолдук жаратып, зомбулукту актаган түшүнүктөрдү бекемдейт.

[71] https://www.gov.scot/publications/caledonian-system-evaluation-analysis-programme-tackling-domestic-abuse-scotland/pages/3/

## O НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР

### ЖЫЙЫНТЫКТАР

Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программасы туура ыкма жана жеткиликтүү камтуунун шартында зомбулукка каршы күрөшүүдө натыйжалуу курал боло алат. Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн укуктук база түзүлгөн. Анын ичинде «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө»[72] мыйзам жана Өкмөттүн №390 токтому бар. Бул документтер агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программаларын өткөрүүнү милдеттендирет. Кыргызстан ошондой эле адам укуктары боюнча негизги эл аралык конвенцияларды ратификациялоо менен дүйнөлүк стандарттарга берилгендигин тастыктаган. Бирок зомбулуктун алдын алууда маанилүү роль ойногон Стамбул конвенциясы ратификацияланбаган.

Мындай мыйзамдык негиздерге карабастан, мамлекеттик органдар тарабынан оңдоп-түзөө программасын практикалык ишке ашырууга финансылык жана кадрдык ресурстардын, атап айтканда, квалификациялуу психологдордун жана кызмат көрсөтүү үчүн ылайыктуу инфраструктуранын (жайлардын) туруктуу жетишсиздиги тоскоол болууда. Коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) жана кризистик борборлор, көп учурда туруксуз донордук же мамлекеттик каржылоого көз каранды болуп, бул программаны ишке ашырууда негизги ролду ойношот. Натыйжада, программалар бирдиктүү болбой, кызматтардын жеткиликтүүлүгүнө жана туруктуулугуна залакасын тийгизет.

Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын программаларга реалдуу катышуусу жана аларды аяктаганы тууралуу толук жана ишенимдүү маалыматтар жетишсиз. Расмий статистикада мындай программалардан баш тартуу «нөл» деп көрсөтүлүп жатканы мониторинг, милдеттендирүү жана отчеттуулук механизмдеринде олуттуу кемчиликтер бар экенин билдирет. Бул системанын басымдуу бөлүгү кризистик чараларга (мисалы, коргоо ордерлери) багытталып, зомбулук кылган адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүү үчүн системалуу, көзөмөлдөгөн реабилитация жетиштүү колдонулбай жатканын көрсөтөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурлары көбөйүп жатканы менен, агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн реабилитациялык чаралар натыйжалуу жана системалуу колдонулбай келет.

[72] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» №63 Мыйзамы (2017-жыл). Беренелер: 11.1.7 жана 11.2.4.

# VII. СУНУШТАР

Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү боюнча оңдоп-түзөө программасын комплекстүү жана туруктуу негизде ишке ашыруучу системаны түзүү үчүн зарыл болгон чаралар:

## О ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК ОРГАНДАРГА ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРГЕ

- **Аялдарга карата жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча Европа Кеңешинин Конвенциясын (Стамбул конвенциясы) ратификациялоонун** артыкчылыктарын жана кесепеттерин кайра карап чыгуу. Конвенцияны ратификациялоо өлкөнүн алдын алуу, коргоо, кылмыш жоопкерчилигине тартуу жана интеграцияланган саясат багыттарындагы стандарттарга берилгендигин көрсөтмөк. Бул ошондой эле зомбулук жасаган агрессорлор үчүн оңдоп-түзөө программаларын караган жоболорду мыйзамдуу негизде киргизүүгө шарт түзүп, эл аралык кызматташтык алкагында техникалык колдоолорду алуу мүмкүнчүлүгүн ача алат.
- **Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатында иш алып барган 17 субъекттин** (ИИМ, ЭСКММ, Пробация департаменти, ЖӨБ, кризистик борборлор, инструкторлор ж.б) **ортосундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү жана координацияны өркүндөтүү**. Программага катышуучуларды багыттоо, маалымат алмашуу жана ар кандай суроолорго реакция механизмдерин жакшыртуу үчүн ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн бирдиктүү алгоритмин киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо. Ал алгоритм протокол, текшерүү тизмеси же башка жөнгө салуучу документ түрүндө болушу мүмкүн. Бул аракеттер жоопкерчиликтин так чегин, милдеттерди, иерархиялык буйруктарды жана отчеттуулук механизмдерин аныктап, үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенүүнүн бардык баскычтарында натыйжалуу жана үзгүлтүксүз координацияны камсыздоого тийиш.
- Пробация департаментине, ЭСКММге, ИИМге жана башка тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык органдарга оңдоп-түзөө программасын натыйжалуу биргелешип ишке ашыруу үчүн **мамлекеттик бюджеттен жетиштүү жана туруктуу каржылоону камсыз кылуу. Квалификациялуу психологдордун жана социалдык кызматкерлердин курч тартыштыгын жоюу боюнча стратегия иштеп чыгуу зарыл**. Бул стратегияга кадрларды окутуу, ишке алуу жана кызматта кармап калуу, мамлекеттик сектордо жана региондордо иштөөгө шыктандыруучу механизмдерди түзүү камтылышы керек. Айрыкча, эркек агрессорлор менен иштөө үчүн эркек психологдорду даярдоого өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени бул муктаждык катары белгиленген. Инструкторлорду жогорку окуу жайлардын базасында (мисалы, магистратура деңгээлинде) даярдоо – профессионалдуу инструкторлордун, психологдордун жана социалдык кызматкерлердин жетишсиздигин жоюунун мүмкүн болгон чечимдеринин бири болуп саналат.
- Оңдоп-түзөө программасынын психологдору жана инструкторлору үчүн стандарттарды жана сертификация механизмдерин иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо. Бул механизмдер тиешелүү ЧУА менен бекитилиши керек. Сертификациялоо критерийлери негизги кызыкдар тараптар менен макулдашылып иштелип чыгышы зарыл. Оңдоп-түзөө программасынын инструктору/жетекчиси болууга талапкерлер бир нече этаптагы окууларды жана

милдеттүү стажировкадан өткөндөн кийин гана сертификат алышы керек. Сертификациялоонун мисалы катары төмөнкү талаптарды кароо сунушталат: аккредитацияланган программа боюнча минималдуу окуу сааттары, кошумча супервизия сааттары, негизги компетенциялар, гендердик сезимтал ыкмаларды жана адам укуктарын билүү, жабырлануучулардын коопсуздук стандарттарын билүү, фасилитациялоо көндүмдөрү жана эркектер/аялдар топтору менен иштөө, үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү, командада иштөө жөндөмдүүлүгү, ж.б.

- **Оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу үчүн тиешелүү шарттарды жана инфраструктураны камсыз кылуу керек**. Бул социалдык кызматкерлердин жумуш жүгүн жеңилдетүүнү, гендердик зомбулук жасаган адамдар менен иштөөгө арналган операциялык процедуралардын стандарттарын иштеп чыгууну, оңдоп-түзөө программасын жүргүзүү үчүн ылайыктуу жайлар менен камсыздоону, ошондой эле зомбулук жасаган адамдар (агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар) боюнча бирдиктүү маалымат базасын түзүүнү камтышы керек. Мындай база укук коргоо органдарына агрессорлорду натыйжалуу көзөмөлдөөгө, ал эми социалдык кызматтарга жана кризистик борборлорго тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөрдү өз убагында аныктап, аларга жардам көрсөтүүгө шарт түзөт.

- Агрессорлор/үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программаларын ишке ашырууда негизги аткаруучу болуп саналган **КЭУлар жана кризистик борборлор менен өнөктөштүк мамилелерди формалдаштыруу жана аларды тийиштүү деңгээлде мамлекеттик каржылоо зарыл**. Бул үчүн алардын тажрыйбасын пайдалануу, программаны өлкө боюнча кеңири жеткиликтүү кылуу жана агрессорлор үчүн туруктуу түрдө катышууга мүмкүнчүлүк түзгөн механизмди өнүктүрүү керек. Ошондой эле, коргоо ордери берилгени менен программадан өтүү боюнча соттун чечимин ала элек агрессорлордун саны көп экенин эске алуу зарыл[73]. Бул үчүн бардык коргоо ордерлерин каттап, алардын маалыматын кризистик борборлорго автоматтык түрдө өткөрүп берүүнү камсыздаган атайын механизмди түзүү сунушталат.

- **Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар үчүн кризистик борборлордун жана баш калкалоочу жайлардын санын көбөйтүү керек**. Бишкектеги жалгыз мамлекеттик "Аялзат" борбору (60 орундуу) бардык муктаждыктарды камсыздай албайт. Жабырлануучуларды агрессорлордун куугунтуктоосунан коргоо максатында купуялуулугу жана коопсуздугу камсыздалган кошумча коопсуз жайларды түзүү зарыл.

- **Агрессорлордун милдеттүү оңдоп-түзөө программасына катышуусун жана аякташын көзөмөлдөөнүн механизмдерин ишке ашыруу керек.** Программага катышуудан баш тартуу боюнча статистиканын нөл көрсөткүчү — бул көйгөйдү, мониторингди натыйжалуу жүргүзүү же муну Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 72-беренесин ырааттуу колдонуу менен чечүүгө болот, ага ылайык программаны өтүүдөн баш тартуу үчүн укуктук жоопкерчилик каралган. Мындай учурлар үчүн атайын **жооптуу координаторлорду (кураторлорду)** даярдоо сунушталат. Алар агрессорлордун оңдоп-түзөө программасын өтүшүн көзөмөлдөп, зомбулуктан жабыркаган адамдарды коргоону камсыздоо максатында тиешелүү түзүмдөрдүн өз ара аракетин координациялап турууга милдеттүү

[73] Пробация департаментинин 2025-жыл үчүн маалыматына ылайык, КР ИИМинин маалыматы боюнча 6000ден ашуун коргоо ордери берилгенине карабастан, оңдоп-түзөө программасы менен коштолгон болгону 9 учур (0,1%) катталган. Мунун негизинде, учурлардын 99,8% оңдоп-түзөө программасынын көңүлүнөн сыртта калууда.

болушат. Себеби, практикада коргоо ордери берилгенден кийин жана соттун чечими чыкканга чейин 70 күндүн ичинде жабырлануучу(лар) зомбулукка дуушар боло бериши мүмкүн.

**Оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө маалыматтардын борборлоштурулган ведомстволор аралык тутумун түзүү**, анда бардык тиешелүү мамлекеттик органдар (Пробация департаменти, ИИМ, ЭСКММ, сот органдары, Улуттук статистика комитети) үчүн мониторинг жана отчеттуулуктун аныктамаларын, методологиясын жана стандарттарын төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылуу:

- Натыйжаларды өлчөө үчүн **көрсөткүчтөр/индикаторлордун бирдиктүү системасын түзүү**
- Маалыматтарды чогултуу үчүн бирдиктүү куралдар жана ыкмаларды колдонуу (мисалы, анкета, катышуучунун өзүн-өзү баалоосу, текшерүү баракчалары, кайтарым байланыш формасы ж.б.), жооптуу адамдарды жана маалыматтарды чогултуу менен анализдөө мөөнөттөрүн көрсөтүү, ошондой эле документтердин шаблондорун иштеп чыгуу
- **Мониторинг жана баалоо боюнча** биргелешкен жумушчу **топ**
- **Программага үзгүлтүксүз мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоо** жүргүзүү
- **Натыйжалар жөнүндө** жалпыга **маалымдоо**
- **Мониторинг жана баалоонун заманбап куралдарын колдонууга** негизги кызмат көрсөтүүчү ведомстволорду (пробация департаменти, ЭСКММ, ИИМ, КБ /КЭУ) **окутуу**.

**Бирдиктүү көрсөткүчтөр/индикаторлор системасынын болушу** төмөнкүлөрдү көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет:

- Ар кандай булактардын ортосундагы учурдагы айырмачылыктарды (мисалы, ИИМ менен Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарындагы айырмачылыктарды) жоюу менен үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурларынын санын
- Убактылуу коргоо ордерлеринин санын, алардын мөөнөтүн жана аткарылыш абалын
- Оңдоп-түзөө программаларына жөнөтүлгөн зомбулук көрсөткөн адамдардын санын
- Оңдоп-түзөө программаларын баштаган, катышып жаткан жана аяктаган зомбулук көрсөткөн адамдардын санын (милдеттүү жана ыктыярдуу түрдө)
- Узак мөөнөттүү жүрүм-турумдун өзгөрүшүнө баа берүү үчүн программанын катышуучуларынын арасында рецидивдүүлүктүн көрсөткүчтөрүн
- ***Зомбулуктан жапа чеккен адамдардын жана алардын жакын чөйрөсүнүн көз карашы аркылуу оңдоп-түзөө программасынын жыйынтыктарын баалоо*** көрсөткүчтөрүн.

Зомбулук жасаган адамдар менен иштөө учурунда жабырлануучулардын жана алардын балдарынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, **тийиштүү адистер** (медициналык кызматкерлер, балдарды коргоо кызматтары, укук коргоо органдары жана ЖӨБ органдары) **үчүн атайын даярдыктарды өткөрүү**.

**Туруктуу натыйжаларга жетүү үчүн оңдоп-түзөө программасын** (эл аралык тажрыйбага ылайык) **6 айга чейин узартуу**. Программаны мөөнөтүнөн мурда токтотуу коркунучун азайтуу максатында, ыктыярдуу программалар үчүн катышуучулардын мотивациясын

жогорулатуу жана туруктуу каржылоо механизмдерин караштыруу,.

- Оңдоп-түзөө программасын ишке ашырууга катышкан **бардык адистердин гендердик сезимталдыгын жогорулатуу** максатында үзгүлтүксүз тренингдерди жана билим берүү иш-чараларын өткөрүү. Айрыкча майыптыгы бар аялдарга карата эки жактуу дискриминация маселесине өзгөчө көңүл буруп, оңдоп-түзөө программаларын иштеп чыгууда жана өткөрүүдө инклюзивдүү ыкманы камсыз кылуу.

## ЖАРАНДЫК КООМ УЮМДАРЫНА (КРИЗИСТИК БОРБОРЛОР, КЭУ, МЕДИА УЮМДАР)

- КЭУ/кризистик борборлор тарабынан ишке ашырылган оңдоп-түзөө программалары зомбулук жасаган адамдар менен иштөө үчүн илимий негизделген, стандартташтырылган окуу программаларына ылайык келиши керек. Ошондой эле эл аралык коопсуздук стандарттарына жана кайрадан зомбулукка кабылуу тобокелдигин жоюу талаптарына ылайык, кризистик борборлордо жабырлануучулар менен зомбулук жасаган адамдарды **өз-өзүнчө жайгаштыруу жана тейлөө шарттарын** камсыз кылуу зарыл.
- Мамлекеттик органдар менен **кызматташууда комплекстүү моделди колдонуу** сунушталат. Бул функциялар менен жоопкерчиликтердин ачык бөлүштүрүлүшүн, программалардын жыйынтыктарын биргелешип мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону, ошондой эле мыкты тажрыйбалар жана методикалык ыкмалар менен өз ара бөлүшүүнү камтышы керек.
- **Эксперттик жана медиа коомчулук менен бирге диалогдук аянтчаларга, жумушчу/эксперттик топторго катышууу, оңдоп-түзөө программасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу же программаны ишке ашыруунун мониторингине тартылып,** зарылчылыкка жараша анын натыйжаларын жакшыртуу үчүн эффективдүү ыкмаларды иштеп чыгуу сунушталат[74].
- **Зомбулуктун бардык түрлөрүнө карата коомдо нөлдүк чыдамкайлыктын маданиятын калыптандыруу багытында жарандык коом уюмдары менен медиа коомчулуктун биргелешкен аракеттерин активдештирүү** сунушталат. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, диний лидерлер жана билим берүү мекемелери сыяктуу негизги коомдук институттар менен системалуу өз ара аракеттенүүнү түзүү зарыл. Максаты — туруктуу агартуу иш-чараларын жүргүзүү. Ошондой эле зомбулукту четке каккан позитивдүү үлгүлөрдү көрсөтө алган кадыр-барктуу коомдук ишмерлердин катышуусу менен үзгүлтүксүз медиакампанияларды өткөрүү сунушталат.
- **Коомдук мониторинг системасын иштеп чыгуу же түзүү** сунушталат. Бул система калктын маалымдуулук деңгээлин аныктоо боюнча үзгүлтүксүз социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, жарандардын (анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарынын) пикирлерин алуу үчүн атайын «анонимдүү каналдарды» уюштурууну, ошондой эле жетишилген натыйжалар тууралуу жыл сайын отчет жарыялоону камтышы керек. Бул иште өзгөчө көңүл өлкөнүн аймактарына жана эркектерди профилактикалык программаларга тартууга бурулушу зарыл.

[74] Бул максаттар үчүн жакшы натыйжа көрсөткөн бир нече ыкма бар, мисалы, WWP EN IMPACT жыйынтыктарын мониторингдөө үчүн инструменттер топтому. Караңыз: Берта Валл Кастельо, Алессандра Паунч, Анна МакКензи, WWP EN IMPACT жыйынтыктарын мониторингдөө үчүн инструменттер топтому (Берлин: Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча Европалык тармак, 2021-жыл).

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-ТИРКЕМЕ. Баалоонун негизги суроолору

| Баалоо параметрлери / компоненттери | Негизги суроолор |
|---|---|
| **Программа жөнүндө жалпы маалымат** | Оңдоп-түзөө программасынын максаты жана милдеттери кандай?<br>Кандай ыкмалар колдонулат? (когнитивдик жүрүм-турум терапиясы, психологиялык оңдоо, кеңеш берүү ж.б.)<br>Оңдоп-түзөө программасынын узактыгы канча?<br>Программаны жана анын механизмдерин ишке ашырууга кимдер катышат? (мамлекеттик органдар, КЭУлар, психологдор ж. б.) |
| **Программанын катышуучулары** | Максаттуу топ – укук бузуучулар/агрессорлор Программага кантип тартылат? (ыктыярдуу/мажбурлоо жолу менен, соттун чечими аркылуу)<br>Укук бузуучулардын/агрессорлордун социалдык-демографиялык өзгөчөлүктөрү кандай? (жаш курагы, билими, үй-бүлөлүк абалы ж.б.)<br>Укук бузуучулардын/агрессорлордун Программага катышуу узактыгы канча? |
| **Системалык жана уюштуруучулук аспектилери** | Программаны ишке ашыруу үчүн ресурстар (каржылоо, квалификациялуу адистер) жетиштүүбү?<br>Программаны ишке ашырууга расмий түрдө кайсы мамлекеттик органдар жана уюмдар тартылган?<br>Ведомстволор аралык жумушчу топ же координациялоо механизми барбы?<br>ИИМ, Пробация департаменти, ЭСКММ жана башка тараптар менен жолугушуулар канчалык тез-тез өткөрүлөт?<br>Тараптардын (стейкхолдерлердин) ролдору жана милдеттери так аныкталганбы?<br>Программаны кеңейтүү же өркүндөтүү үчүн кандай тоскоолдуктар бар? |
| **КР ИИМ** | Милиция укук бузуучуларды кантип аныктайт жана аларды оңдоп-түзөө программасына кантип багыттайт?<br>Программа бүткөндөн кийин катышуучулардын жүрүм-турумуна мониторинг жүргүзүүгө ИИМ кызматкерлери катышабы?<br>Үй-бүлөлүк зомбулук жана оңдоп-түзөө программалары боюнча милиция кызматкерлерине окутуу өткөрүлөбү?<br>ИИМ Пробация департаменти жана социалдык кызматтар менен кандайча өз ара аракеттенет? |

| | |
|---|---|
| **ЭСКММ (жана анын карамагындагы түзүмдөр)** | Социалдык кызматкерлер Программанын катышуучуларын коштоо ишине катышабы?<br>Ондоп-түзөө ишмердүүлүгү менен катар үй-бүлөлөргө (жабырлануучуларга, балдарга) колдоо көрсөтүлөбү?<br>Программанын үй-бүлөлүк динамикага тийгизген таасири кандай бааланат?<br>Ондоп-түзөө бүткөндөн кийин катышуучулар үчүн реинтеграциялоо |
| **Сот системасы** | Соттор жазага альтернатива катары оңдоп-түзөө программаларын канчалык көп дайындайт?<br>Соттор чечим кабыл алууда пробация жана социалдык кызматтардын сунуштарын эске алышабы?<br>Соттор Программанын катышуусуна байланыштуу өз чечимдеринин аткарылышын кантип көзөмөлдөшөт? |
| **КЭУлар, Кризистик борборлор жана эл аралык уюмдар** | Программанын ишке ашырылышына кайсы КЭУлар, кризистик борборлор катышат?<br>Алар кандай кызматтарды көрсөтөт? Программаны ишке ашырууда алардын иши кандай жүргүзүлөт?<br>Кризистик борборлорго жана КЭУларга оңдоп-түзөө программаларын жүргүзүү боюнча кандай окутуулар өткөрүлдү? Алар тууралуу пикирлер кандай?<br>Алар мамлекеттик кызматкерлерге (сотторго, милицияга, социалдык кызматкерлерге) окутуу өткөрүшөбү? |
| **Пробация департаменти** | Ондоп-түзөө программасын илгерилетүүдөгү Пробация департаментинин ролу кандай? Бул программаны ишке ашырууда департамент эмне иштерди аткарды?<br>Пробация департаменти катышуучулардын программанын шарттарын аткаруусун кантип көзөмөлдөйт?<br>Программа башталгандан бери кандай жетишкендиктерге ээ болдуңуз/эмнелерди үйрөндүңүз? |
| **ЖӨБ органдары бийлик жана коомчулук** | Айыл өкмөттөр же мэриялар Программанын катышуучулары менен иштөөгө тартылабы?<br>Жергиликтүү коомчулук менен кайтарым байланыш механизмдери барбы?<br>Калкка программа жана анын максаттары жөнүндө маалымат кантип берилет? |

| | |
|---|---|
| **Кызматташтыктагы көйгөйлөр жана тоскоолдуктар** | ◊ Ведомстволор ортосундагы өз ара аракеттенүүдөгү негизги кыйынчылыктар кайсылар? (маалыматтардын жетишсиздиги, бюрократия, байланыштын начарлыгы)<br>◊ Функциялардын кайталанышы же тескерисинче жоопкерчиликте боштуктар барбы?<br>◊ Ведомстволор аралык кызматташтыкты натыйжалуу жүргүзүү үчүн мыйзамдык база жетиштүүбү? |
| **Натыйжалуулукту баалоо** | ◊ Программанын ийгиликтүүлүгүн аныктоодо кандай критерийлер колдонулат? (рецидивдердин азайышы, көз караштардын өзгөрүшү, үй-бүлөлүк мамиленин жакшырышы ж.б.)<br>◊ Программа бүткөндөн кийин катышуучуларды узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүлөбү?<br>◊ Позитивдүү өзгөрүүлөргө өбөлгө түзгөн же тоскоол болгон кандай факторлор бар? (катышуучулардын мотивациясы, программанын сапаты, маданий өзгөчөлүктөр ж.б.)<br>◊ Программа канча убакытка созулду? Сиздин эксперттик пикириңизде бул убакыт натыйжалуу жыйынтыктарга жетиш үчүн жетиштүүдүбү? Эмне үчүн? |
| **Максаттуу топтун жүрүм-турумунда жана мамилесинде өзгөрүү (Программага чейин жана кийин)** | ◊ Агрессорлор үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепеттерин кантип түшүнө баштады?<br>◊ Катышуучулар Программанын пайдалуулугун жана кемчиликтерин кандай баалашты?<br>◊ Психологдордун жана жакындарынын баамында агрессия жана зомбулукка болгон ыктоо азайдыбы?<br>◊ Катышуучулар чыр-чатакты чечүүнүн альтернативдүү жолдорун үйрөнүштүбү?<br>◊ Алардын гендердик ролдорго жана үй-бүлөлүк мамилелерге болгон мамилеси өзгөрдүбү?<br>◊ Программа бүткөндөн кийин канча агрессор кайра укук бузууга барды?<br>◊ Агрессорлордун үй-бүлөлөрүндө зомбулуктун кайталануу учурларынын азайганы тууралуу маалыматтар барбы?<br>◊ Жабырлануучулар же үй-бүлө мүчөлөрү агрессорлордун жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөр тууралуу пикир билдиришкенби? |
| **Сунуштар** | ◊ Сиздин тажрыйбаңызга жана алынган сабактарга таянып, кандай сунуштарды жана кеңештерди бере аласыз? Программада эмнени башкача жасоо же жакшыртуу керек деп эсептейсиз? |

## 2-ТИРКЕМЕ. Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар үчүн оңдоп-түзөө программасын ишке ашырууну баалоого катышкан респондент-тердин тизмеси:

| | Аты-жөнү | Кызмат орду / Уюму |
|---|---|---|
| | **Мамлекеттик органдар** | |
| 1. | Жазгүл Эрназарова | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Гендердик саясат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча чечимдерди да-ярдоо бөлүмүнүн башчысы |
| 2. | Сапарбаев Данияр | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук кызматынын бөлүм башчысы |
| 3. | Абдылдаев Рахим Самирович | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук кызматы |
| 4. | Молдокул уулу Данияр | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ал-дындагы Пробация департаментинин директорунун орун басары |
| 5. | Кравченко Ольга | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ал-дындагы Пробация башкармалыгынын психологиялык иш башкармалыгынын башкы адиси |
| 6. | Венера Машакчиевна Жума-баева | Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ал-дындагы Пробация департаментинин директорунун орун басары, ВАЖТнын башчысы |
| | **Эл аралык уюмдар / Донорлор** | |
| 7. | Рахманова Инабат | ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесинин Адам укуктары боюнча улуттук кеңешчиси |
| 8. | Кадралиева Айсулуу | ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесинин гендер-дик маселелер боюнча адиси |
| 9. | Калдыбек кызы Динара | Фридрих Эберт фондунун Кыргызстандагы администра-циясынын башчысы |

| | **Жарандык коом уюмдары жана кризистик борборлор** | |
|---|---|---|
| 10. | Ткачева Елена | Шанс кризистик борборунун директору, Бишкек шаары |
| 11. | Асилбекова Дарийка | Ак-Жүрөк кризистик борборунун башчысы, Ош шаары |
| 12. | Саякбаева Света | «Теңдеш» коомдук уюмунун башчысы, Нарын шаары |
| 13. | Асаналиев Эркин | «Пир Соломон» коомдук фондунун башчысы, коррекциялык программанын инструктору, Нарын шаары |
| 14. | Кабылова Айнура | «Аялзат – аялдардын демилгелерин өнүктүрүү» коомдук бирикмесинин төрайымы, Каракол шаары |
| 15. | Оңкошова Гүлнара | Гармония коомдук бирикмесинин башчысы, Ош шаары |
| 16. | Майрамбек Таалайбек уулу | Новый Ритм коомдук бирикмеси, Ош шаары |
| 17. | Марат Алияскаров | «Эркектер зомбулукка каршы» бейөкмөт уюму |
| 18. | Досалиева Балгакы | «Аялдарга жардам берүү борбору» коомдук бирикмесинин аткаруучу директору, Бишкек шаары |
| 19. | Толкун Төлөкова | Көз карандысыз эксперт |
| 20. | Бакыт Качикеева | Көз карандысыз эксперт |
| 21. | Кулира Идрисовна Кубатова | Жогорку Кеңештин депутаты Ашимова Динаранын коомдук жардамчысы |

## 3-ТИРКЕМЕ. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу маселелерин жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук актылардын тизмеси[75]

Аялдардын укуктарын гендердик зомбулуктан коргоо жаатындагы эл аралык мыйзамдар

- Адам укуктарынын жалпы декларациясы
- Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын факультативдик протоколу
- Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенция (CEDAW)
- Пекин декларациясы
- 2030-жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн күн тартиби
- Стамбул конвенциясы, 16-берене (Council of Europe Convention on preventing and combating violence against women and domestic violence)

Кыргыз Республикасынын аялдардын укуктарын гендердик зомбулуктан коргоо жаатындагы улуттук мыйзамдары

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- Кылмыш-жаза кодекси
- Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодекс
- Үй-бүлө кодекси
- Балдар жөнүндө кодекси
- «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам
- «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзам
- «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» мыйзам
- «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» мыйзам
- «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» мыйзам
- «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзам
- «Аксакалдар соту жөнүндө» мыйзам

---

[75] Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жыйнагынан.
«Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук фонду тарабынан БУУнун Өнүктүрүү программасынын (ПРООН) "Кыргызстанда гендердик зомбулуктун алдын алуу" долбоорунун алкагында, АКШнын Мамлекеттик департаментинин каржылык колдоосу менен даярдалган. 2018-ж.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябры № 642 «Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө» токтому
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 14-ноябрындагы № 970 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ИИМ органдарынын ишин уюштуруу боюнча инструкцияны бекитүү жөнүндө» буйругу
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 29-декабрындагы № 1116 «Кыргыз Республикасынын ИИМ органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишин уюштуруу боюнча нускамаларды бекитүү жөнүндө 2017-жылдын 14-ноябрындагы № 970 буйрукка өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» буйругу
- Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 13-ноябрындагы № 963 «Берилген коргоо ордерлери, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана жабыркаган адамдар жөнүндө ведомстволук отчет формаларын бекитүү жөнүндө» буйругу
- «Берилген коргоо ордерлери, үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар жана жабыркагандар жөнүндө ведомстволук статистикалык отчетторду түзүү тартиби тууралуу нускамалар»

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзам (2017-ж.)
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруунун тартиби жөнүндө» токтому, Бишкек шаары (анын ичинде 3-тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга карата зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасы).
3. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2009-жылдын 28-сентябрындагы № 844 буйругуна № 1 тиркеме. Үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу жана алдын алуу боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндөгү нускамалар.
4. Аялдарга карата гендердик зомбулуктун алдын алуу маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жыйнагы. «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ. ПРООНдун "Кыргызстанда гендердик зомбулуктун алдын алуу" долбоорунун алкагында АКШнын Мамлекеттик департаментинин каржылык колдоосу менен. 2018-ж.
5. Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга карата зомбулукка каршы күрөшүү: эл аралык стандарттар, мыйзамдар жана практика. «Жарандык союз» бейөкмөт уюму, Бишкек шаары, июнь 2021-ж.
6. Эл аралык жана улуттук тажрыйбаларга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Ички иштер министрлигинин «Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган типтүү оңдоп-түзөө программасын» ишке ашыруудагы ишмердүүлүгүн жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга жасалган сереп, 2022-ж. КР ЭСКММдин буюртмасы менен, ОБСЕнин Бишкектеги программалык кеңсесинин колдоосу алдында. 2022-жыл.
7. 2022-жылга карата «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы жөнүндө маалымат. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги (ЭСКММ).
8. Борбор Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлүп жаткан үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы программаларга сереп салуу. Бириккен Улуттар Уюмунун Калкты жайгаштыруу фондунун (ЮНФПА) Чыгыш Европа жана Борбордук Азия боюнча аймактык кеңсеси менен өнөктөштүктө Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) Гендердик секциясынын "Аялдар жана эркектер үчүн WIN – Инновациялар жана Гендердик Теңчилик тармагын түзүү аркылуу интеграцияланган коопсуздукту бекемдөө" долбоорунун алкагында. 2022-ж.
9. Зордук-зомбулуктун циклин кантип бузуу керек: Кыргыз Республикасындагы гендердик зомбулукту жоюу боюнча тоскоолдуктарды жана стратегияларды талдоо. PIL Research компаниясы АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) колдоосу менен "Жигердүү Жарандар" долбоорунун алкагында, FHI 360 тарабынан ишке ашырылган. Бишкек шаары, 2023-ж.

10. «Ош шаарында үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөө программасын ишке ашыруу» мониторингинин отчету. Майрамбек Таалайбек уулу, «Жаңы ритм» коомдук бирикмеси, Ош шаары, 2023-ж.

11. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын жүрүм-турумун оңдоо жөнүндө: Кыргыз Республикасынын Ички иштер башкармалыгынын өздүк курамын тарбиялоонун алкагында. Моңолдоров У.Т., чет элдик адистерди даярдоо факультетинин студенти. Россиянын Ички иштер министрлигинин Санкт-Петербург университети. 2024-ж.

12. «ОДАРА инструментинин Казакстанда колдонулушун баалоо» презентациясы, Шолпан Айтенова, Zertteu илимий-изилдөө институту.

13. Беларуь Республикасында жакындарына зомбулук көрсөткөн эркек агрессорлор менен иштөө тажрыйбасын талдоо. Роман Крючков, Андрей Максименко. «Беларус Республикасында гендердик зомбулукка (үй-бүлөлүк зомбулукка басым жасоо менен) каршы күрөшүү боюнча улуттук потенциалды чыңдоо» эл аралык техникалык жардам долбоорунун алкагында, 2018-ж.

14. Probation and prison based programs for perpetrators of domestic and sexual violence: a European overview. Expert paper by Sandra Jovanovic (OPNA). WWP EN Expert Paper. 2020

15. Family and domestic violence perpetrator programs. Rodney Vlais, Sophie Ridley, Damian Green and Donna Chung Stopping Family Violence Inc. 2017

16. European perpetrator programmes: A survey on-day-to-day outcome measurement. ORIOL GINÉS CANALES, HEINRICH GELDSCHLÄGER, DAVID NAX, ÁLVARO PONCE. IMPACT Evaluation of European Perpetrator Programmes project funded by the European Commission's Daphne III programme. 2015